**Архивное агентство при Государственной регистрационной службе при Правительстве Кыргызской Республики**

**Центральный государственный архив Кыргызской Республики**

# *Подвиг его бессмертен…*

***(О подвиге Героя Советского Союза Чолпонбая Тулебердиева)***

***Сборник документов и материалов***

**Бишкек 2014**

ББК №

***Редактор: О.К. Ахмедов***

***Составители:***
***Т.Д. Доценко, Д.Э. Исакунова, Е.А. Романова***

***Подвиг его бессмертен … (О подвиге Героя Советского Союза Чолпонбая Тулебердиева). Сб. документов и материалов/ Сост. Т.Д. Доценко, Д.Э. Исакунова, Е.А. Романова; Редактор: О.К. Ахмедов - Б.: Издательство «Улуу тоолор», 2014. - 120 с., ил.***

***Сборник рассчитан на широкий круг читателей, интересующихся историей Великой Отечественной войны Советского Союза 1941-1945 гг. Он будет дорог землякам отважного сына кыргызской земли, потомка Манаса, храбро сражавшегося с фашистами***

***Рекомендован к изданию Научно-методическим советом Архивного агентства при Государственной регистрационной службе при Правительстве Кыргызской Республики***

*© Архивное агентство*
*при Государственной*
*регистрационной службе*
*при Правительстве*
*Кыргызской Республики*



***«Поклонимся великим тем годам,***
***Тем славным командирам и бойцам,***
***И маршалам страны, и рядовым,***
***Поклонимся и мёртвым, и живым, -***
***Всем тем, которых забывать нельзя,***
***Поклонимся, поклонимся, друзья.***
***Всем миром, всем народом, всей землёй –***
***Поклонимся за тот великий бой»***

**Михаил Львов**

## ПРЕДИСЛОВИЕ

Великая Отечественная война, начавшаяся вероломным нападением фашистской Германии на СССР, стала великим испытанием на прочность духа советских людей. Эти годы стали апогеем патриотизма, взаимопомощи, самоотверженности и массового героизма. Ярким примером этого стал подвиг рядового красноармейца Чолпонбая Тулебердиева, уроженца Таласской земли, сына колхозника. Закрыв своим телом амбразуру вражеского дзота на берегу реки Дон, он дал возможность нашим солдатам прорвать защитную полосу фашистов.

Биография Чолпонбая Тулебердиева состоит из нескольких строк – родился в 1922 году в селе Чимкент Кировского (ныне Кара-Бууринского) района Таласской области Кыргызской Республики. Окончив школу в 1941 году, ушел в ряды защитников Родины. В это время гитлеровская Германия изо дня в день, используя свое превосходство, захватывала все новые города и села нашей страны. Театр военных действий охватывал территорию от берегов Балтийского моря с севера до Черного моря с юга.

Наш народ встал на защиту своего государства. Не остался в стороне ни стар ни млад – армия и тыл действовали как единый организм.

Из Кыргызстана на фронт ушли более 363 тысяч лучших сынов и дочерей. Из них 24 бойца стали полными кавалерами Славы, 76 человек, по последним данным Министерства обороны Кыргызской Республики, получили высокое звание Героев Советского Союза. Среди них мы с гордостью называем имя Чолпонбая Тулебердиева.

На родине героя построен мемориальный музей. Инициатором создания музея был одноклассник Чолпонбая Тулебердиева, участник Великой Отечественной войны, учитель местной школы Ашымбек Шыйкымбаев. Он скрупулезно изучал историю своего современника, был в Центральном музее Государственной обороны СССР, встречался с политруком полка В. Мурадяном.

Имя воина носят улицы родного села и города Бишкек. На бульваре Молодая Гвардия установлен его бюст.

Настоящий сборник подготовлен государственной архивной службой Кыргызской Республики в честь подвига Героя Советского Союза Чолпонбая Тулебердиева. Это – дань памяти отважному сыну Кыргызстана, потомку великого Манаса.

**Т.И.Акматалиев,**
**сотрудник Центрального государственного архива**
**Кыргызской Республики**

***

Документы и материалы сборника расположены в хронологической последовательности.

Часть документов публикуется в извлечениях. В этих случаях текст опущен без оговорок, к заголовку документов добавлен предлог «из».

Каждый документ имеет свой номер, заголовок, дату, место события, поисковые данные. Собственный заголовок документа взят в кавычки. Газетные статьи датируются по дате опубликования. В заголовке к газетным публикациям автор не указывается, а дается в конце после текста документа.

Если место события неизвестно, оно не указывается без оговорок.

Текст, написанный составителями сборника, заключен в квадратные скобки.

В документах и материалах сборника встречается разное написание фамилии и имени Чолпонбая Тулебердиева и других лиц. Составители оставили написание без изменений.

В сборник включены документы и материалы, выявленные в Центральном государственном архиве Кыргызской Республики (ЦГА КР), Центральном государственном архиве политической документации Кыргызской Республики (ЦГА ПД КР), Таласском областном государственном архиве (Таласском ОГА), Мемориальном музее Чолпонбая Тулебердиева, Кара-Бууринском объединенном райвоенкомате.

Издание содержит фотоиллюстрации из фондов Центрального государственного архива кинофотофонодокументов Кыргызской Республики (ЦГА КФФД КР), Мемориального музея Чолпонбая Тулебердиева, а также из Интернета.

Научно-справочный аппарат издания состоит из предисловия (его исторической и археографической частей), комментариев, списка сокращений, содержания.

Составители сборника выражают благодарность Министерству обороны Кыргызской Республики, сотрудникам Таласского областного государственного архива, Мемориального музея Чолпонбая Тулебердиева за оказание помощи в сборе документов.

**От составителей**

## № 1

## СВИДЕТЕЛЬСТВО НАРОДНОГО КОМИССАРИАТА ПРОСВЕЩЕНИЯ КИРГИЗСКОЙ ССР ОБ ОКОНЧАНИИ НЕПОЛНОЙ СРЕДНЕЙ ШКОЛЫ

**с. Кара-Сай** **15 июня 1941 г.**

Настоящее свидетельство выдано Тулебердиеву Шолпонбаю[1], родившемуся в 1922 году, в том, что он обучался в неполной средней школе [села] Кара-Сай Кировского района Фрунзенской области, окончил полный курс этой школы и обнаружил при отличном поведении следующие знания:

| | |
|---|---|
| по русскому языку | посредственно |
| по литературе | отлично |
| по арифметике[2] | ______ |
| по алгебре | хорошо |
| по геометрии | хорошо |
| по естествознанию | отлично |
| по истории | отлично |
| по географии | отлично |
| по физике | хорошо |
| по химии | отлично |
| по конституции | отлично |
| по иностранному языку (немецкий) | хорошо |
| по киргизскому языку | хорошо |
| по черчению | хорошо |
| по рисованию[3] | ______ |
| по физкультуре | отлично |

Директор школы [4] Учителя [4]

**Из фондов Мемориального музея Героя Советского Союза Ч. Тулебердиева в с. Чимкент Кара-Буурииского района Таласской области. Подлинник.**

---

[1] Так в документе.

[2] Оценка не проставлена.

[3] Оценка не проставлена..

[4] Подписи неразборчивы.

## № 2

# ИЗ ПОХОЗЯЙСТВЕННОЙ КНИГИ ЧИМКЕНТСКОГО СЕЛЬСКОГО СОВЕТА ДЕПУТАТОВ ТРУДЯЩИХСЯ

**с. Чимкент** **б/д**[1]

Үй – бүлө башчысынын фамилиясы, аты, атасынын аты *Жаналиев Болотбек*[2]

Кайсы колхоздун мүчөсү (промколхоздун/промартельдин) колхоз *Тельман* Кирген убагы *1936*

| Катар № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Үй – бүлө башчысына жакындыгы | Жынысы | Туулган жылы, айы | Улуту | Сабаттуулугу | Азыркы убакта кайсы мектепте окуйт | 1944-ж. окууда болгон өзгөрүүлөр тууралуу | Айыл чарбасындагы, айыл чарбасынан тышкары адиси | Иштеп жаткан орду жана ким болуп иштейт | 1944-ж. ишиндеги өзгөрүүлөр тууралуу белги | Инвалиддер, пенсионерлер жөнүндө белги |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаналиев Болотбек | Үй ээси | эркек | 1901 | кир | с/з | | | колхозчу | Тельман | колхозчу | |
| 2 | Жаналиева Кулсун | аялы | аял | 1915 | кир | с/з | | | колхозчу | Тельман | колхозчу | |
| 3 | Ахназарова Суура | энеси | аял | 1882 | кир | с/з | | | колхозчу | Тельман | | |
| 4 | Тулебердиев Чолпонбай | иниси | эркек | 1922 | кир | с/з | | | | | | |
| 5 | Болотбеков Токтогул | баласы | эркек | 1939 | кир | с/з | | | | | | |
| 6 | Болотбекова Кенже | кызы | аял | 1932 | кир | с/з | | | | | | |
| 7 | Доолоталиев Мамырбек | кайниси | эркек | 1921 | кир | с/з | | | | | | |
| 8 | Болотбеков Ырыс | | эркек | 1944 | кир | с/з | | | | | | |

**Таласский ОГА. Ф. 251. Оп. 1. Д. 8. Л. 26. Подлинник.**

---

[1] Книга дополнялась в 1944 г. Внесена 8-я запись, вычеркнуто имя и год рождения Чолпонбая и напротив его фамилии сделана запись «элүү герой».

[2] Старший брат Ч. Тулебердиева.

## № 3

## ИЗ КНИГИ ПРИЗВАННЫХ В РЯДЫ СОВЕТСКОЙ (КРАСНОЙ) АРМИИ В ПЕРИОД ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ

**с. Кировское** **1941 г.**

| [№] | [Фамилия, имя, отчество] | [Дата призыва] | [Место призыва] |
|---|---|---|---|
| 2 | Тулебердиев Чолпонбай | 19.12.1941 | Сарыкубинский с/с |

**Из документов Кара-Бууринского объединенного районного военного комиссариата. Подлинник.**

## № 4

## ИЗ ПИСЬМА ЧОЛПОНБАЯ ТУЛЕБЕРДИЕВА ЛЮБИМОЙ ДЕВУШКЕ

**Действующая армия** **ранее 6 августа 1942 г.**

Радость моя, мой свет, ждешь ли ты меня? Сейчас мы пойдем в бой. С врагом я буду сражаться так же, как с ним сражались герои из Киргизстана. Я буду бороться за тебя, за мой счастливый родной народ.

**«Бесстрашные сыны Кыргызстана». Очерки о Героях Советского Союза. Фрунзе: 1962. С. 27.**

## № 5

## ЗАМЕТКА ИЗ ГАЗЕТЫ «КРАСНАЯ ЗВЕЗДА» «ГЕРОИЧЕСКИЙ ПОДВИГ ТЕЛЕБЕРДЫЕВА»[1]

**Действующая армия** **22 августа 1942 г.**

(По телеграфу, от наш. корр.). Красноармейская газета «Боевая тревога» сообщает о героическом подвиге славного сына Киргизии красноармейца Телебердыева:

«Враг стремился сорвать переправу наших бойцов на правый берег Дона. Особенно мешал форсированию реки огонь фашистских пулеметчиков и автоматчиков, засевших в дзоте на меловой горе. Надо было во что бы то ни стало подавить огневые точки противника.

[1] Так в тексте.

На это опасное дело вызвались три смельчака: старший лейтенант Горохов, лейтенант Герман и красноармеец Телебердыев. Под сильным огнем противника они переправились на западный берег Дона и начали карабкаться вверх по крутому скату высоты. В это время противник стал ещё яростнее строчить из пулемета и автоматов. Положение на переправе создалось тяжелое: ливень пуль мог в короткое время вывести из строя немало бойцов и сорвать переправу. Да и сами три смельчака не могли продвигаться дальше.

И тут случилось то, что навеки останется в памяти советского народа. Самоотверженный патриот родины красноармеец Телебердыев бросился вперед и своим телом загородил амбразуру вражеского дзота. Пулемет захлебнулся, перестали строчить автоматчики. Этими минутами замешательства врага воспользовались Горохов и Герман. Старший лейтенант Горохов бросился в ход сообщения и длинной очередью из автомата расстрелял расчет вражеского пулемета и автоматчиков. Затем тт. Горохов и Герман кинулись к другим дзотам. Они жестоко отомстили врагу за смерть героя Телебердыева, перебив десятки фашистов.

Красноармейцы и командиры, видевшие героический подвиг бойца-киргиза, ринулись, как один, стремительно  и неудержимо на вражеский берег. Кто на лодках, кто вплавь спешил переправиться через Дон, чтобы скорее встретиться с ненавистным врагом, разгромить и уничтожить его».

**Советская Киргизия. 1942. 26 авг.**

## № 6

## ИЗ КНИГИ УЧЕТА БЕЗВОЗВРАТНЫХ ПОТЕРЬ РЯДОВОГО И СЕРЖАНТСКОГО СОСТАВА ВО ВРЕМЯ ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ КИРОВСКОГО РАЙВОЕНКОМАТА

**с. Кировское** **1942 г.**

| № | **Фамилия, имя и отчество военнослужащего, его воинское звание (красноармеец, мл. командир), на которого получено извещение о гибели на фронте или смерти от ран в госпитале** | **От какой воинской части или эвакогоспиталя (их наименование) получено извещение о смерти военнослужащего, № извещения и его дата** | **Когда получено извещение в горрайвоенкомате** | **Причина и время смерти военнослужащего, убит в бою, умер от ран, пропал без вести** |
|---|---|---|---|---|
| ...6 | Герой Советского Союза Тулебердиев Чолпонбай | Солдат 636 стр. полк. | 29.10.1942 г. | Убит 06.08.1942 г. |

| Когда и где похоронен умерший военнослужащий | Адрес места жительства родственников и степень их родства с умершим военнослужащим | Когда и кому на родственников выслано (вручено) извещение о смерти военнослужащего | С какого времени и кому из родственников умершего военнослужащего назначена пенсия [1] |
|---|---|---|---|
| с. Селявное, Кировский район, Воронежская область | Колхоз им. Тельмана | Матери[2] | |

**Из документов Кара-Бууринского объединенного районного военного комиссариата. Подлинник.**

## № 7

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ СОВЕТА НАРОДНЫХ КОМИССАРОВ КИРГИЗСКОЙ ССР № 975 «ОБ УСТАНОВЛЕНИИ МЕМОРИАЛЬНОЙ ДОСКИ КРАСНОАРМЕЙЦУ ЧОЛПОНБАЮ ТУЛЕБЕРДИЕВУ, ГЕРОИЧЕСКИ ПОГИБШЕМУ В БОРЬБЕ С НЕМЕЦКИМИ ЗАХВАТЧИКАМИ»

**г. Фрунзе** **26 сентября 1942 г.**

Совет Народных Комиссаров Киргизской ССР п о с т а н о в л я е т :

Установить в колхозе им. Тельмана Кировского р-на Фрунзенской области мемориальную доску бывшему колхознику, красноармейцу Чолпонбаю ТУЛЕБЕРДИЕВУ, проявившему самоотверженную преданность и героически погибшему в борьбе с немецкими захватчиками.

Председатель СНК Т. Кулатов
Зам. председателя СНК И. Ребров
Член Бюро СНК К. Джаналиев
Член Бюро СНК Н. Джавадов
Член Бюро СНК К. Дикамбаев
Управляющий Делами СНК А. Силкин

**ЦГА КР. Ф. 350. Оп. 1. Д. 354. Л. 28. Подлинник.**

[1] См. док. № 8.
[2] Далее два слова неразборчивы.

## № 8

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ СОВЕТА НАРОДНЫХ КОМИССАРОВ КИРГИЗСКОЙ ССР № 976 «ОБ УСТАНОВЛЕНИИ ПОЖИЗНЕННОЙ ПЕРСОНАЛЬНОЙ ПЕНСИИ СУРЕКЕ АНАЗАРОВОЙ[1], МАТЕРИ ГЕРОИЧЕСКИ ПОГИБШЕГО КРАСНОАРМЕЙЦА ЧОЛПОНБАЯ ТУЛЕБЕРДИЕВА»

**г. Фрунзе** **26 сентября 1942 г.**

Совет Народных Комиссаров Киргизской ССР п о с т а н о в л я е т :

Установить пожизненную персональную пенсию Сureke АНАЗАРОВОЙ, матери красноармейца Чолпонбая ТУЛЕБЕРДИЕВА, героически погибшего в борьбе с немецкими захватчиками, в сумме 200 рублей, ежемесячно.

| | |
|---|---|
| Председатель СНК | Т. Кулатов |
| Зам. председателя СНК | И. Ребров |
| Член Бюро СНК | К. Джаналиев |
| Член Бюро СНК | Н. Джавадов |
| Член Бюро СНК | К. Дикамбаев |
| Управляющий Делами СНК | А. Силкин |

**ЦГА КР. Ф. 350. Оп. 1. Д. 354. Л. 29. Подлинник.**

## № 9

## «КЫЗЫЛ КЫРГЫЗСТАН» ГЕЗИТИНЕ БАСЫЛГАН «ЧОЛПОНБАЙ ТҮЛӨБЕРДИЕВДИН ЭСТЕЛИГИ ТҮБӨЛҮККӨ САКТАЛАТ» МАКАЛАСЫ

**Фрунзе ш.** **27-сентябрь 1942-ж.**

Кыргыз ССРинин Совнаркомунда

**Баатыр Чолпонбай Түлөбердиевдин эстелигин түбөлүккө калтыруу жөнүндө**

Кыргыз ССРинин Совнаркому Фрунзе областынын Киров районундагы Тельман атындагы колхоздун мурунку мүчөсү кызыл аскер Чолпонбай Түлөбердиевге мемориалдык доска орнотууга токтом кылды. Ал немецтик басып алууларга каршы күрөштө жан аябай берилгендикти көсөтүп, баатырларча өлгөн.

Кызыл аскер Чолпонбай Түлөбердиев энеси Сураке Аназаровага өмүр бою ай сайын алып турган 200 сом өлчөмүндө пенсия белгиленди.

---

[1] Так в документе.

## Кыргыздын чыныгы уулу

Чолпонбай Түлөбердиев Киров районундагы Тельман атындагы колхоздон. Ал 20 жашында Родинабызды коргоо үчүн армия катарына чакырылган. Ал али жаш эле. Кеп жаштын жаштыгында эмес, элин, ата журтун сүйө билгендикте. Чолпонбай сүйө билди. Эл үчүн, ата мекени үчүн эрдик көргөзүп, элинин чыныгы уулу боло алды. Элин коргоодо баатырдык көрсөтүп, баатырлык өлүмү менен өлдү. Биздин бөлүк Дон суусун кечип өтүп Н. селосун ээлөөгө приказ алды. Ал приказды орундаш үчүн, алды менен сууну кечип өтүүгө жол бербей, мөндүрдөй ок жаадырып, жолду торгогон душмандын пулемётчиктерин жоготуш керек эле.

Өзү менен бирге 10 жолдош алды дагы, биздин бөлүккө жол ачыш үчүн Чолпонбай Түлөбердиев жоого бет ала жүрүп кетти.

Сууну кечип гана өтүш керек. Башка эч мүмкүнчүлүк жок. Булар сууну жөө кечүүгө беленденгенде душмандар пулемёттон ок жаадырып турду. Суунун тереңдиги, душмандын мөндүрдөй жаадырган октору Чолпонбайды жана анын тайманбас жолдошторун айбыктыра албады. Алар айбыкканы жок. Сууну кечип өтүштү. Чолпонбай барынан мурун кечип өтүп, жардын кычыгы менен кашатты көздөй өңүп, жүрүп отурду. Ал өңүтүн таап өңүп оңтою келе түшкөндө таамай аткан огу менен фашисттик салпаяктарды жапшыра коюп да келе жатат.

Советтик боецтер кашатка чукул калышты. Бирок душмандын бугуп жаткан автоматчылары аткылай баштады. Ошондо Чолпонбай жолдошторуна карап: - эгерде бугуп жаткан душманды жок кылбасак, өзүбүз да өлөбүз, бийиктикти да ала албайбыз жана батальонго жол да ачылбайт – деди.

Жолдоштору душман менен атышып турду. Чолпонбай жолдошторунун аткан окторунун далдасы менен душмандын ДЗОТун көздөй өңүп жүрүп отурду. Жакын жетип үстү-үстүнө граната ыргыта баштады. Бирок, душмандар ок атууну токтотподу. Жолдоштору коркунуч алдында калды. Батальонго да жол ачылбады. Аны көргөндө Чолпонбайдын каары кайнады да, секирип барып душманды жана анын пулемётун кошо басып жыгылды. Душмандардын ок атууга чамасы келбей калды. Батальонго жол ачылып, тапшырма аткарылды.

Эл үчүн туулган жалындуу жаштын тайманбас кайраты, эли үчүн, родинасы үчүн жан кыюуга даярдыгы тапшырманын аткарылышына себеп болду.

Чолпонбай душмандарга каршы жөнөгөндө – өлсөк өлөбүз, бирок душмандан жазганып жалтанбайбыз – деген өзүнүн антын актады.

Батальондун командованиеси Чолпонбай Түлөбердиевге – Советтер Союзунун Баатыры – деген наам берүүнү өкмөттөн сурады.

**Кызыл Кыргызстан. 1942-ж. 27-сентябры**

## №10

## СТИХОТВОРЕНИЕ С. ФЕЙНБЕРГА «ПАМЯТИ ГЕРОЯ ЧОЛПОНБАЯ ТУЛЕБЕРДИЕВА»

**11 октября 1942 г.**

Широка волна донская,
Не видать конца и края:
Слева – пойма луговая,
Справа – берег меловой.

Лег на травы сумрак росный,
Но в тиши – бронею грозной,
Слева – лагерь краснозвездный,
Справа – вражий часовой.

И в прибой волны холодной
Полон местью всенародной,
Сын Киргизии свободной
На врага повел бойцов.

До утра гремел над кручей
Бой упорный, бой кипучий.
Раскалялся ветер жгучий,
Стлался дым, разил металл.

И герой – с друзьями рядом –
Под густым свинцовым градом
Бил без промаха прикладом
И гранатой – наповал.

Он погиб в порыве смелом,
Он упал на склоне белом,
Он своим бесстрашным телом
Заслонил друзей в бою.

Ты погиб, могучий воин,
Вечной славы ты достоин!
Мы отплатим – будь спокоен.
Отомстим за смерть твою.

**Советская Киргизия. 1942. 11 окт.**

## № 11

## ПИСЬМО ЗЕМЛЯКОВ ГЕРОИЧЕСКИ ПОГИБШЕГО КОМСОМОЛЬЦА ЧОЛПОНБАЯ ТУЛЕБЕРДИЕВА КО ВСЕМ КОМСОМОЛЬЦАМ И МОЛОДЕЖИ ФРУНЗЕНСКОЙ ОБЛАСТИ «ВСЕ СИЛЫ МОЛОДЫХ ПАТРИОТОВ – НА РАЗГРОМ ВРАГА!»

**Кировский район** **1 ноября 1942 г.**

Любимая страна переживает тяжелые испытания, отражая бешеный натиск фашистских варваров, стремящихся поработить свободолюбивые народы Советского Союза, уничтожить великие завоевания Октября.

Объединенные братской дружбой, наши народы мужественно отстаивают свое социалистическое отечество. Беспримерный героизм и стойкость показывают защитники Сталинграда, гордого Кавказа, города-воина Ленинграда.

За родину, за счастье народа самоотверженно идут в бой тысячи и миллионы патриотов, чтобы грудью отстоять свою независимость. В жестокой схватке с подлой бандой фашистских убийц смертью героя погиб воспитанник ленинско-сталинского комсомола, наш земляк комсомолец Чолпонбай Тулебердиев.

Чолпонбай Тулебердиев – достойный сын киргизского народа. Готовясь стать воином Красной Армии, он воспитал в себе стойкость, мужество и отвагу. Чолпонбай был лучшим бойцом всевобуча, упорно овладевал военным делом. На фронте Чолпонбай Тулебердиев показал свое мастерство воина, свою преданность и любовь к родине. От его твердой руки и меткого оружия нашли могилу на советской земле десятки фашистских оккупантов.

Комсомолец Чолпонбай Тулебердиев в жестокой схватке с врагом совершил героический подвиг. Он прикрыл своим телом амбразуру фашистского ДЗОТа, освободив путь для движения вперед советским частям.

Сердца наши сжались от боли, когда мы узнали о гибели друга. Но мы гордимся нашим земляком, его храбростью и героизмом. Его подвиг зовет нас к еще более напряженному труду на благо родины, он зовет к мести подлым убийцам.

На смену герою в строй защитников родины встали десятки молодых патриотов-земляков. Они поклялись защищать родину так же самоотверженно, как Тулебердиев.

Многие из нас еще находятся в тылу. Но мы знаем, что в тылу должны работать по-фронтовому.

Михаил Иванович Калинин поставил перед сельскими комсомольцами боевые задачи. Мы должны быть в ответе перед родиной за успешное выполнение всех сельскохозяйственных работ. Мы должны упорно овладевать воинским делом, отлично закончить всеобщее военное обучение, стать полноценными бойцами доблестной Красной Армии.

Мы призываем всю молодежь, комсомольцев, бойцов всевобуча 3-й очереди встретить исторический праздник 25-летия Октября новым подъемом стахановского труда и отличным военным обучением.

На себя мы берем следующие обязательства:

В третьей очереди всевобуча подготовить 10 пулеметчиков, 30 автоматчиков, 6 телефонисток.

К 1 декабря обучить всех колхозников нашего колхоза необходимым знаниям по ПВХО.

Создать в колхозе комсомольско-молодежную стахановскую бригаду имени Чолпонбая Тулебердиева. Девиз этой бригады – работать каждому за троих, выполнять задания колхоза на 300 процентов.

По поручению комсомольцев и молодежи колхоза им. Тельмана:
Душембаев, Джолдошев, Мурсакулова, Таштамалиева, Комиева

**Советская Киргизия. 1942. 1 нояб.**



## №12

## К. ЖАНТӨШЕВДИН «ЧОЛПОНБАЙ» АҢГЕМЕСИ[1]

**30.XI -42-жылда**

1922-жылы, май айынын акыры.

Кырмызы көк жибектей түркүм чөптөр бүрдөп, сантүркүм гүлдөр гүлдөп, май чыгып, мал семирип, тайлар даакы жүнүн таштап, кулундар алда качан кара кулак болгон. Эрте айдалган эгиндер кыр жаап, кеч айдалган айдоолор көк майсаңды көйнөк кийип, көк торгундан жоолук салынган кыздардай кылактап көзгө жакшы, көңүлгө жагымдуу.

Береги түштүктөн түндүккө карап койнун ачкан кичинекей көк капчыгай Карабуура; Карабууранын жогору түштүк тарабындагы аска зоолуу көк ала керүүлөр Кашка суу, Кызыл бел жайлоолору; жайлоодон жогору мөңгү. Тек көз жиберип Талас тоолорун карап турсаң, көк тукаба чапан жамынып, элечегин башына чалып, баатыр балдарын эркелетип отурган кайраттуу эне сыяктуу болуп сезилет.

Карабууранын батыш бетиндеги көк чабыр Эшме, Эшменин тиги жанын Топуракбел деп аташат. Эшмеден туруп батыш тарапка карасаң, жаңы өргөн камчынын алаканындай суналып, төмөнкү Таластын өзөнү жатат. Тоо тарабын карасаң Карасай, Бакайыр, кала берсе Акбашат мазарынын жалгыз түп талы дагы көрүнүп турат. Чыгыш тарапты караганда керилип кең Таластын ичи көрүнөт. Айдай сулуу кара көздүн жүзүнө жарашкан калдай болуп, ара жерде Күмүш тактын тоосу да турат. Андан жогору түштүккө карасаң эрксизден эр Манас эсиңе түшөт. Ба-

---
[1] А. Токомбаевдин редакторлугу астында жарык көргөн. Фрунзе: 1943-ж.

кай, Кошой карыялар, Алмамбет, Сыргак, Чубак баатырлар көзүңө элестейт. Алда качанкы өткөн баатырларды көзүңө элестетүү менен «дагы ошондой баатырлар чыгар бекен» деп, өзүңө өзүң суроо бересиң. Сан түркүм кыялдын учу-кыйрын жорутуп, кандайчадыр таттуу кыял менен, алда-кимди көзүңө элестетесиң...

Элдин жайлоого чыгуу мезгили чукул калгандыктан, чоң үйлөр кичирейип, кичине үйлөр тепирейип, ак үйлөр боз ала, боз үйлөр карала болуп калгандыктан, жумурткадай ак үйлөр жок. Ар кайсы жерде топ-топ айыл. Айыл ортосу алда кандай кубулушта. Тойгон койлор ыңгыранып, уйлар бышылдап, төөлөр кулгуп кепшейт. Айдактаган чуу жок болгондуктан, анда-санда туюк үргөн иттин үнү угулат. Эл алда небак оор уйкуга кирген. Алды-качты жаман атты жок болгондуктан, короо кайтаруу анчалык такык эмес. Кээ-кээде гана жогорку айылдан короо кайтарган бир келиндин октум-соктум үнү угулат. Башка эч табыш жок. Мемиреп табийгаттын бардык көрүнүшү тынчтыкта. Тынчтыкты бузган жалгыз гана Түлөбердинин үйү; асмандагы жаркыраган ай, жымыңдаган жылдыздан жарык нур жана таалай талашкансып, Түлөбердинин үйүнүн жыртыгынан жылтылдаган от көрүнөт.

- О, жараткан... Өзүң шыбаа бер... эр ортосунан өтүп калган чакта, ыңгаалаган үндү ыраа көр... - деп, Түлөберди үйүнө жөлөнүп сыртта жалгыз отурат. Анын колунун катуу чорлору, маңдайындагы бырыштары, көрүнгөндүн ишин иштеп, көп азаптарды башынан өткөрүп келгендигин далилдеп турат.

Түлөбердинин үйүнүн айланасы тынч. Алдыдагы боло турган жаңылыкка күтүнүп, этек-жеңин жыртып, эбилип жүргөн эч ким көрүнбөйт.

- О-кудай! - деп, улутунуп койду да, ашкана тараптагы жупуну кийинген аял, өчүп бара жаткан отко тезек жаңыртып калды...

- И-й-й-й... - деп Сууракe кабагын чытып, саал ордунан козголуп койду. Чөк түшүп жүйүртө басып, Түлөбердинин эски чоң чапанын жамынган, эмне үчүндүр кышкы чилдеде отургансып, кез-кезде ээгин калтыратып коёт.

Сууракe нооча бойлуу, кара тору киши. Жокко да, барга да чыдаган сабырдуу адам. Орунсуз сөздү айтып, Түлөбердинин башын оорутчу эмес.

- Бакан саласыңбы? - деп, Сууракe маңдайында отурган аялга карады. Сөздү жаңылыш уккандыгына кечирим сурагандай, тиги аял делдейип ордунан тура калды. Бирок Сууракe унчугууга чамасы келбегендей кабагын чытып, эрдин тиштеп, мойнун жогору көтөрө чиренип алды...

Боз үйдү тегеректеп эшиктин тешигинен, туурдуктун капшытынан, үзүктүн этегинен сүйгөнүн шыкаалаган селкиден бетер, сан жылдыз жымың кагып, алда кимден көзүн айырбай, кандайчадыр жаңы кабарды күткөн сыяктанат. Сабырдуу эне баштанып түштүктөн Талас тоолору мойнун созуп, кимгедир үңүлүп карагансыйт. Сүйгүнчүктүү адамдан сүйүнчү сурап, эркелетип эбилип, эт жүрөгүн эзилтип жагынган жароокерден бетер тоо тараптан соккон жел Түлөбердинин көңүл кирин кетирип, көйнөк кирин жуучудай тула боюн балкылдатып, жаагын сылап, сакалын тараган сыяктанат. Түлөбердиге ызаат кылып салам бергендей

баштарын төмөн ийип, санжыргалуу жашыл кымкап кийгендей эп эткен желге боюн ыргап гүлдөр турат. Гүлдөргө кошомат кылгансып, кулагындагы иймегин, көкүрөгүндөгү күмүш сөйкөсүн көрсөткөн сулуудан бетер керилгенсип, түркүм чөптөр жалбырагына токтогон мөлтүр сууларды жаркылдатат.

- Аке! - деген үйдөгү аялдын ачуу үнүн укту да, Түлөберди тура калып, ал үндүн кубанычка же кайгыга чыкканын ажырата албай, делдейип туруп калды. Бирок көз ачып-жумганча болбой:

- Акебай! Устара! - деген аялдын үнү менен бирге, барылдап ыйлаган баланын дабышы чыкты.

Түлөбердинин бүткөн бою чымырап, денесин тер басты. Үйгө кандай кирип, устараны кандай алып бергенин өзү дагы сезбей калды. «Жаңы төрөгөн аялды карабасат» деген сөздөн улам, Сууракеге жалт карады. Бирок Суураке калыбынча койкоюп отурганын көрүп, Түлөберди ого бетер сүйүндү.

Тиги аял баланын киндигин кесип байлап, эскилөө ак чүпүрөккө ороп:

- Асан чакырып, уулуңарга ат койгула! - деп, жаңы гана жарык дүйнөгө келген, ыңгаалап ыйлаган ымыракай баланы Түлөбердинин этегине салды. Тек этегине баланын түшкөнүн сезгенде, Түлөберди өзүн коргошундай эрип кеткен сыяктуу сезип, сыртка чуркап чыкты. Оң колу менен оң этегине салган баланы кармап, сол колу менен сол кулагынын көнчөгүн кармап, азандын башы «Аллоакбар» менен башталарын унутуп, мукактанып калды. Акырында «Аллоакбар» дан баштап депкирин айтып, баланы жанында турган аялга берди.

- Аты ким болду? - деди аял.

- Атыбы? Аты... - деп, Түлөберди абдан шашылды. Эки жагын карап эчтеме таппады. Балага арнап коюлуучу жакшыраак ат эмес, үйүндөгү буюмдун аттары куургуч, туткуч экенин да унутту. Тиги аялдан уялган бойдон артына бурула берип, башын жогору көтөргөндө, маңдайында жаркырап турган Чолпон жылдызды көрө коюп:

- Чолпонбай болсунчу! - деп, эмне үчүндүр, акырын гана айтты.

- Энеси, баланын аты Чолпонбай болду! - деп, аял баланы үйгө көтөрүп кирип, оролуу бойдон коё коюп, арыдан-бери төшөк салды да, Сууракени жаткырып, анын берки тарабына Чолпонбайды жаткырды.

Түлөберди али Чолпон жылдызынан көзүн айырбай карап турат...

Дүйнөгө жаңы жаралган балага өз аты коюлгандыгына мактангандай, бул чындыкты бардык нерсе күбөлөө үчүн аракет кылгандай, Чолпон жылдыз ого бетер жаркырап өйдө көтөрүлдү. Жарчысы Чолпондун аты коюлган баланы көрүүгө ашыккандай, кара түндү батышка карай сүрүп, чыгыштан таң сүрдү. «Чолпонбай балаң кут болсун... Чолпонбай балаң кут болсун...» дегенсип, бөдөнөлөр бытпылдыктап, асмандан торгойлор чурулдады. Бул кубанычтуу кабарды ай-ааламга кабар кылууга ашыккансып, чыгыштан соккон таңкы жел, батышка карап эпилдеп кетип жатты.

Мындан беш күнү илгери, Түлөберди бир жаман түш көргөн. Бирок ал түшүн башка киши эмес, алган жары Сууракеге дагы айткан жок. «Бул жаман түш, кудай артын кайырдуу кылсын... Сууракe аман-эсен төрөсө аксарбашыл!» - деп ойлоду да, бирөөдөн бир жандыкты алып камдап койгон. Түлөберди түлөөсүн чалууга киришти. От бир аз караңгылап, үйдүн ичине тынчтык өкүм сүрө баштады. Көрүүгө ынтызар болгон адамын тике келип көрүүдөн ыйбаа кылып, капшыттан шыкаалаган ак жүздүү сулуудан бетер, асмандагы Ай жаркырап, үйдүн жыртыгынан Чолпонбайдын оң жаккы бетине күмүш нурун түшүрдү. Көп кечикпей жыртыктан түшкөн айдын шооласы Чолпонбайдын бетине таамай түштү. Бирок, Чолпонбайдын көзү жабык, анын уктап жатканы же дүйнөгө жаңы келгендигине магдырап жатканы белгисиз. Тек жарамсыз таноолорунан дабыш чыккансыйт. Ай нуру суктанып алдейлегенсип, анын кичинекей жүзүн нурдантат.

Суураке ай нуру менен жаркыраган Чолпонбайдын жүзүнө карап турду да:

- Жандыр... каадалуу балача жатканын... Аман-эсен чоңоёр бекенсиң? Сенин күнүңдү көрөр бекенбиз? Эл катары окуп бизди багар бекенсиң? - деп, дагы көпкө карап турду да, Чолпонбай оозун ачып кайсалаганда эмчегин анын оозуна салды. Чолпонбайга, кандайчадыр, мээрими күчтүү болгондуктан, бою ийип, эмчегинин сүтү агып кетти.

Күн аптага, апта айга, ай жылга айланып, кабак керип күлгөнчө желдей желип, бири кетип, бири келип, арадан бир нече жыл өттү. Өмүр бою кенелбеген, магдырап бардар элге теңелбеген Түлөберди өзүнчө оокат кылып, колхозго кирип, бир-экилеп жандык күтүп, өз колу өз оозуна жетип, жадырап-жайнай баштады. Чолпонбай да чоңоюп, жок деген сөздү укпай, бар деген сөз менен мамырап он бир жашка чыкты. Бирок, тагдыр Чолпонбайга чоң жолто кылды. Атасы Түлөберди өлүп, жаш Чолпонбай жетим, Суураке жесир калды. Чолпонбай деп атасы ардактап койгон атынын артына «жетим» деген сөз желимдей жабышты. Айыл, үйгө киргенде же ойноп жаткан балдардын арасына барганда «Чолпонбай жетим» деген сөздөрдү угат. Жаш Чолпонбай үчүн «жетим» деген сөз барып турган жек көрүндү сөз болду. Эмне үчүндүр «жетим» деген сөздү такыр уккусу келбей турган. «Жетим» деген сөз адамгерчилигин кетирип, жамансынткан сыяктуу сезиле турган. «Эмне үчүн эл мени жетим дейт? Жетим кандай киши болмок, аталуулар кандай болмок?» - деп, Чолпонбай көп учурлары ойлоноор эле.

Анда эң улуу агасы Болотбек өзүнчө бөлөк. «Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк» деп, Болотбек өзүнчө оокат кылат. Андан кичүү агасы Даңке болсо октум-соктум. Качан келип, качан кеткенин Чолпонбай менен Суураке кээ күндөрү билбей да калат. Эжеси Жамыйла болсо кулагы угуп, тили сүйлөбөйт.

Чолпонбай үчүн атасынын өлүмү абдан кыйын болду. Аталуу балдардай алчаңдап, энелүү балдардай эркелөө иши Чолпонбай үчүн чектелди, басса да, турса да турмуш жөнүндө ойлонууга, карып калган энеси Сууракени кор кылбай багууга талпынды. Кыш күнү окуп, жаз чыга коштун башына минип, же мала тартып, эптеп эмгек күн таба баштады.

Чолпонбай малага салган атты эс алдыруу үчүн токтотуп койду да, айдоонун башында отурган үрөн сепкичтин жанына басып барды. Салам айтты. Бирок атайы айтууга ойлонуп барган сөзүн дароо айта албады. Үрөнчү башын көтөрүп жогору карады да, Чолпонбайдын жүзүндө кандайдыр терең сыр бардыгын сезип:

- Эмне, мага айта турган сөзүң барбы? Кана, айтчы! Кош айдалгандан бери канча эмгек күн таптың? Отур, жарма ичип, нан же! - деди.

Чолпонбай бир чөйчөк жарма ичти да, ары жактан эки ат кошуп айдап келе жаткан малачыны карап калды. «Бул баланын мүнөзү мындай эмес эле. Эмне болду? Же Суураке тилдеди бекен?» - деп, үрөнчү Чолпонбайды алдыртан карап калды. Тиги малачы аттарды кайра турган жерге келип, оң тартып кайруунун ордуна тетири тартып, аны оңдоймун деп божуну катуу какканда, оозу элпек аттар кетенчиктей түшүп, буттарына чалыныштырып алды.

- О, ээңди жуткурдун малы... Мындай мал кантип биздин колхозду жарытсын - деп, аттарды сөгө баштады. - Карачы, аба! аттарда эмне жазык? - деп, Чолпонбай үрөнчүгө карады.

- Ой, чаппа! Өзүңдүн жамандыгыңды билбей аттарды чабасың да! - деп, үрөнчүнүн ачуусу келгендей малачыга карады.

- Аба! - деди да, Чолпонбай дагы унчукпай, малачынын артынан тиктеди.

- Эмне айтайын дедиң эле, айланайын? Сен оюңдагыны айтчы, колуман келсе орундатайын!

- Ыгы келсе, ушул эки ат кошулган маланы мага алып бериңиз! - деп, Чолпонбай уялгандай төмөн карады;

- Макул айланайын, бирок эки атты жөө айдап мала тарткандай, бир атты минип мала тарткан жакшы эмеспи?

- Жок, аба! Иш анда эмес. Мен жашмын. Кыйналуу деген мен үчүн кеп эмес,- деп эмне үчүндүр оюнун акырын бүтүрбөй токтогонун үрөнчү сезе койду да:

- Анан иш кайда? - деди.

- Аңгеме иштин тетигин билүүдө... Аз убакыт кетирип, көп иштеп, көп эмгек алууда. Мен көп иштеп, көп эмгек тапкым келет.

- Кантип?

- Бир аттык мала менен төрт барып келгенде бир саржан жер тырмалат. Эки аттык мала менен эки барып келгенде үч саржан жер тырмалат. Эки аттык маланы алып берсеңиз иш арбыйт жана колхозчулардын алдында менин маңдайым жарык болот.

Үрөнчү эч сөз айта абалды. «Асыл таштан чыгат, акыл жаштан чыгат» деген макалды эсине түшүрүп, Чолпонбайдын мандайынан сылап:

- Өмүрүң узун болсун кагылайын! Өмүрүң узун болсун... адам болорсуң! - деп бир аз ойлонуп турду да, тиги келе жаткан малачыга карап, - Ой, алдагы маланы Чолпонбайга берип, сен тиги маланы тарт. Чолпонбай бала эмеспи, жөө айдаса эчтеме болбойт, - деди. Малачы бул эки аттан кутула албай жадагандыгын далилдегендей,

эч сөз айтпастан эки аттык малага кандай чуркап жеткенин өзү да байкабай калды. Сыртындагы эски күрмөсүн ыргытып жиберип, эки аттык маланы айдап жөнөдү.

Күн батууга жакындап калганда, карагер кунанды жайдак минип, ача жыгачын арчынданып бригадир келди. Чолпонбай айдап бара жаткан эки аттын тегиз басып бара жатканын жана тырмалган жердин көп арбыганын көрүп:

- Аба, малачыларды алмаштырып койдуңузбу?

- Ооба. Бүгүндөн баштап Чолпонбайга ошол эки аттык маланы бер. Тигил арам күндө ушунчалык жер тырмачу беле?

- Тиги айдаганда эки ат кажаңдап басчу эмес эле, Чолпонбай айдаганда көшүлүп басып калыптыр го!..

- Адамдын жылдыздуусун айбан да билет! - деп үрөнчү Чолпонбайга карап туруп: - Карачы, баланын чолпону, маңдайын кара! Маңдайынан өмүрдүн шамы жанып турат. Үшүнткен баланын айдаганына аттар кантип макул болбосун. Өлбөсөк экөөбүз көрөрбүз. Сен экөөбүз сыяктууларды Чолпонбай эртең эле оозуна каратат. Бул азыр бала... Бала да болсо мен бүгүн багындым. Сен сыяктуу бригадирлер эртең эле Чоке деп алдына арызга барат! - деди үрөнчү. Бирок үрөнчүнүн акыркы сөздөрү бригадирдин кулагынын сыртынан кетти. Көп убакыт өтпөй бригадир мала тартылган жерлерди өлчөп, Чолпонбай бир жарым норма аткарганын айтты.

- Жүр, кагылайын! Эртең эрте келели. Бүгүнкүдөй мала тартсаң, эртең эки нормадан ашырасың. Сен эми Түлөбердинин уулу Чолпонбай мырзасың. Чоңоюп аман болсоң Түлөбердинин Чолпонбайы деген атак-даңкыңды угуп, бетме-бет көрүшпөсөк да, атыңы угуп кубанып турарбыз!- деди да, үрөнчү бир атка минип, экөө айылга карап жөнөп калышты.

Жаздын күнкү кечки көрүнүш кандай сонун... Алда кимди бактылуу болоруна кубангансып, байчечекейлер быжырап, жаңы чыккан көк майсандар жашыл түстөрүн жаркылдатат. Кечки күндүн нуру жер жүзүнө алтындан кымкап жамындырат. Тээтиги төмөн Кара суу, Чымкент тарап көк деңиздей мелмилдеп, кыштактын үйлөрү балырлуу көлдүн бетинде сүзгөн өрдөк сыяктуу көрүнөт.

Турмушта адам баласы абдан кызык го... Бирөө убакыт өтпөй коё турса экен деп шашылса, бирөө убакыт тез өтсө экен деп шашылат; бирөөлөр жашым чоңойсо экен деп тырышса, бирөөлөр жашым кичирейсе экен деп тырышат. Ошолордун бири Чолпонбай эле. Ал бат эле чоңоюп, бат эле кажарлуу жигит болууга ашыкты. Бирок табигаттын закону Чолпонбайды өз жолу менен өстүрдү.

Чолпонбай боз балалык доордон, жигиттик доорго тап койду. Жетинчи классты бүтүрүп, жетишерлик билим алды. Бирок ал башка балдар сыяктуу окуусуна үстүртөн карабай, дайым жакшы окуй турган. Ошонун натыйжасында Чолпонбайдын билими бирге окуган жолдошторунан алда канча жогору турар эле.

Күндөрдүн биринде Чолпонбайлар талаа жумушунан кайтышты. Алардын өңүндө жана басыштарында чарчагандык сезилбейт. Кур оттогон кулун тайдай, бири качып, бири кууп, бири сүйлөп, бири угуп, бири шайырланып, бири күлүп

келе жатышты. Алтын жаштык кандай сонун!.. Жаш өмүр - ачылып турган гүл... Жаш өмүр - тийип турган күн... Бирок жаш өмүрдүн алтындай асыл касиетин жаштардын бардыгы биле бербейт. Кай бир жаштар жел учурган камгактай турмуштун аккан шарына соктуга берип, жаш өмүрдүн каухардай асыл энчилеринен куру калат. Бирок Чолпонбай андай эмес эле. Ал турмуштун ар бир бурулушуна, ар бир Жаңылыгына терең карай турган. Бирөө сүйлөп жатса, унчукпай угуп туруу, бирөө тамашаласа момурап жылмайып коюу, көп угуп аз сүйлөө Чолпонбайдын айрыкча касиети эле. Кай бирөөлөр Чолпонбайдын бул касиетине түшүнбөй маңыроо сыяктуу көрүшө турган.

- Чолпонбай, баса, ай уул! - деп, артыраак жагында келе жаткан теңтуш жеңеси ылдамдай басып келип, Чолпонбайдын сол жаккы колтугунан алды да, - сенден бир сыр сурайынчы, уулуке! - деди.

Чолпонбай таңдана түштү да:

- Сура! - деди.

Аңгыча болбой дагы бир келин келип, Чолпонбайдын оң колтугуна жабыша түштү.

- Кош, жеңелер! Эмне сурамак элеңер! - Келин Чолпонбайга жылмая карап билер-билбес чымчып койду да:

- Аркы келип калды. Башка сөз сурайын, - деди.

- Кокуй... Замзамдын суусундай татып, алтындай катып сүйлөшө турган сөзүңөр болсо, мен илгери басайын, - деп экинчи келин жулунганда:

- Жок, жеңе, сенден жашыра турган эч сөз жок!- деп, Чолпонбай жулунган келиндин колун колтугуна кысып калды. Айтчы, уулуке, качан үйлөнөсүң?

- Качан төөнүн куйругу жерге түшкөндө...

- Оюнга шоотпой айтсаң. Эки агаң өзүнчө бөлүнүп кетти. Энең карып калды. Өзүң бой жеттиң.

- Ырас, жеңелер, үйлөнүү керек! Бирок кимге? Канчалык ойлонсом да, үйлөнүү айтууга жеңил, аткарууга кымбат көрүнөт,- деп сырын жашырууга аракет кылгандай, башка сөзгө чаргытты.

- Эмнеси кымбат! Кыздардын бирин жактырчы, анан ал кызды биз эле макулдаталы.

- Аңгеме ошол жактырууда жатат.

- Кыз көп го.

- Көзүмө мен издеген кыз жоктой көрүнөт.

- Алда, ары жок байкуш эркектер ай... Этке жетпей, сасык деген мышыктай болосуңар да... Ыгы жок мурун көтөргөндүн кереги эмне?

- Айылдагы кыздар көзүңө көрүнбөсө иш башка экен го?

- Ооба... Тандаган тазга жолугат... Антчү болсоң айылдагы кыздардын кусуруна каласың.

- Чоң шаарлардагы чоң окууга кирсем... ошол шаардын пийвасын ичип, багын араласам... бактын арасынан, көчөнүн булуң-бурчунан, кино-театрынан кыз карасам... чачын эки өрүп маңдайына түйгөн, кынама көйнөк кийген, бутунун башы араң гана жерге тийген, колу кара жумушка тийбеген, колхозчуларды көп сүйбөгөн, орусча тилди чала билсе да орусчалап сүйлөгөн бирөөнү алайын деп жүргөнсүң го? Дурус... дурус... тилегиңе жет... жолуңан калба... Жол азыгыңды камдап коёлу, бүгүн түнү Москвага карап жөнөп кетсең да болот,- деп экинчи келин капыялады.

- Алда, жеңелер ай!.. өтө катуу кетип калдыңар. Чымчык атабыз деп замбирек орнотуп, дары салбай кургак пистон менен аттыңар эле, түтүн бурк этти. Бирок чымчык аман калды,- деп күлгөндө тиги эки келин чычалаганына чыдабай, Чолпонбайдын эки капталынан чымчып алышты да:

- Дурус, биз аталбай калдык. Кана эми, сенин атканыңды көрөлүчү! - дешти.

- Силердин айтканыңардын чындык жерлери да бар. Акылы тайкы болсо да, чоң окууну жана ак билек кыздарды көксөгөндөр жок эмес, бирок алар алдындагыны көрүп, алыстагыны көрбөгөндөр. Алар бүгүнкүнү билип, эртеңкини биле албагандар... Алар «таңкы куйруктан азыркы өпкө» деген кунарсыз макалды жаттап алгандар. Бул сөздүн бир чекесин экөөңөргө дагы арнаймын. Жанагы бир айткан сөзүңөргө караганда, сен экөөң колхозчу болуп жүргөнүңө көп ыраазы эмессиңер. Бирок сен экөөнүн ал оюңар туура эмес, силердин оюңарча жакшы кишилер окуп кызматкер болуп, жаман кишилер колхозчу болуп, же завод, фабрикте жумушчу болуп иштеп жүрчүдөй. Жок, андай эмес... Такыр андай эмес. Аман болсок, Ленин партиясынын катарына да өтөбүз. Мына ошол коммунист - большевиктик көз менен терең ойлонуп, алдыдагы сүрө турган өмүрдү, көрө турган бакты, таалайды карагылачы!.. Ала-Тоонун үстүнө же чыгыштагы Кантеңирдин чокусуна, болбосо батыштагы Эльбрустун төбөсүнө чыгып улуу Советтер Союзун карагылачы!.. Күлүк ойду закымдатып, курч сөз менен санагылачы!.. Жети республика он бир болуп, андан он алтыга өттү... дагы санагылачы!.. Жыйырманчы кылымдын экинчи жарымын тиктегилечи. Кандай сонун! Шаары кайсы, селосу кайсы, айырма жок... Колхозчу, жумушчу, кызматчы кайсы, белгисиз... бардыгы окумуштуу, окубаганы жок. Талас суусуна салынган гидростанциядан келген жарыкты карагылачы... Түндү күндүзгө айлантты. Кандай сонун... жердин чөбү кайсы, гүлү кайсы, ажырата албайсың. Барыдан да талаада иштеп жүргөн колхозучарды карагылачы, эмгекти бүт механикалаштырган, бардыгы машина менен иштеп жүрөт. Жогорку Таластан Грозныйга карай бара жаткан электропоездди көргүлөчү... Эх, кандай сонун... Мына ушул жыргал үчүн ким күрөшпөйт!.. Ким күрөштөн жанын аяйт!..- деп Чолпонбай болочок жыргалдуу турмушту көз алдына келтирип, кубанганына чыдабай көздөрү балбылдап, кең маңдайы жаркырап, эки бети албырды. Колтуктап бара жаткан эки келин Чолпонбайдын бул сөздөрүндө, дал ушул минуттагы көрүнүштөрүнө абдан таңданышты. Дал ушул учурда Чолпонбайдын соо экенин

же динчилдер айткандай бирдеме даарып кеткенин эки келин ажырата алышпады. Себеби: Чолпонбай көзүнө элестеткен жыргалдуу турмушту тигил эки келин көздөрүнө толук элестете абалды. Анын үстүнө Чолпонбайдын мындай акылдуулук менен сүйлөгөнүн мурун эч кимиси уккан эмес. «Чолпонбай момун, жоош, сөзгө жок» деген чоркок баалары менен Чолпонбайдын касиетин чектеше турган.

Айыл жакын калгандыктан колтукташкан колдорун чыгарып, катар басышты. Бирок эч кимиси сүйлөгөн жок.

Береги Түштүктөн Түндүккө карай үч көчө болуп салынган кыштак Тельман колхозу. Батыш жагындагы көчөнү ортолоп барганда, көчөнүн чыгыш тарабында эшигин тоо тарапка каратып, баксадан жасаган жупуну там үй Чолпонбайдыкы. Үйдүн алды жагы жана чыгыш тарабы беде. Бирок бул кыштак кечээ гана жаңы түшкөндүктөнбү же короо-жайга күтүнбөгөндүктөнбү, болбосо башка себеппи, бул үйдүн огородуна да тигилген бак-дарак жок. «Булут ала, жер толо» дегенсип, анда-санда короолордо бир-экиден тигилген бак, жыдыган теринин жүнүндөй эрбейип турат.

Көз байланган учурда Чолпонбай эшик алдына келди да, ийниндеги күрөктү жөлөп коюп, кыштак арасындагы көрүнүшкө көз чаптырып туруп, терең ойго кетти. Береги жепирейген там үйлөрдүн ордуна сонундап салынган эки, үч катар үйлөр пайда болду. Үйдүн ичи эмес ар көчөдө электр... Асфальт көчө менен жүрүп турган автомобилдер... Короонун ичи адам кирсе чыккыс түркүм жемиш бактары... Сандаган гүлдөр, сайраган булбул... «Дал ошондо Тельман колхозунун селосу дешпейт, Тельман шаары дешет... Мына ошондо биздин балдарыбыз тарыхты окушат. Октябрь революциясынан мурунку жана кийинки биздин турмуштарыбыз менен таанышат. Октябрь революциясындагы, граждандык согуштагы жана колхоз курулушундагы совет элинин эбегейсиз эрдигин билип кубанышат. Социалисттик эмгектеги баатыр ата-энелерин билип сыймыктанышат. Бирок алар баатыр ата-бабалары мына бул сыяктуу жепирейген жаман тамдарда жашаганын билгенде шылдың кылып күлкүлөрү да келер» - деп ойлонуп турду да, эмне үчүндүр, жылмайып койду. Чолпонбайдын бул таттуу кыялын артынан келген комсомолец бузду.

- Эмне, эмне дейсиң?

- Тез жүр, райкомдон киши келди. Митинг өткөрөбүз деп жатат,— деди, келген комсомол бала.

- Кандай митинг?

- Бүгүн эртең менен сагат төрттө, германдык фашисттер биздин ата мекенибизге каршы согуш ачыптыр.

- Согушпу?..- деп, Чолпонбай кабагын түйүп турду да, мектепке карап жөнөп кетти.

Күндөрдөн күн өттү... Ата Мекендик Согуш иши күн сайын эмес, секунд сайын күч алды. Элибиздин жалтанбаган жалындуу патриоттору советтик ыйык эл үчүн, жер үчүн, Родина үчүн күндөп-түндөп, Ата Мекендик согушка кетип жа-

тышты. Бир күнү Чолпонбай Кировго, бир жолдошун армияга узатып барып калды. Военкоматтын алдында топтошуп турган эл. Бирок кимиси армияга кетип, кимиси калып жатканы белгисиз. Тек кары-жаш, аял-эркек кымгуут. Колду тызылдатып, бетти жалаган суук менен эч кимдин иши жок. Кардын үстүнө отура калып дасторконду жайып, кээси - чапанын же сары тонунун дал ортосун төшөп, түркүн нандарды жайнатып төгүп, бышкан эттерди кесип, арак жана бозо менен ичип-жеп жатышат. Бирок мас болуп жаш чайкап жүргөндөр жок. Кай бир балдардын ата-эне, ага-жеңелери армияга жөнөп бара жаткандарына акыл-насаатын айтып, согуштук техниканы жакшы билбесе да, душмандын огунан сактанууну эскертишет. Кээси: «Уруш болуп жатканда алдыга жалгыз чуркап кетпе, артында да калба, эл менен, жолдошторуң менен тең жүр» дешет. Кээси: «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде. Баргыла!.. Командирлериңердин сөзүн уккула. Сергек болгула. Жаман аттыдан оолак болгула. Кийим-кечеңерге бүйрө болгула»,- дешет. Армияга кетип бара жаткандарга акыл айта албай, көзүнө күч келтирип жүргөндөр дагы жок эмес.

- Ой, Түлөбердинин баласы! Бери кел, айланайын. Эмне, сен дагы кетип бара жатасыңбы? - деди, бозо куйган чаначтын оозун кармап отурган аксакал киши.

- Жок, аба, жолдошумду узатып келдим эле. Мен он алтысында кетем, - деди Чолпонбай.

- Жөнөйт деген эле ошол. Мындай отур. Эттен, нандан ал. Бозо ичесиңби же арак ичесиңби?

- Нан жесек болот. Арак менен бозону булар ичип кетсин.

Аксакал Чолпонбайдын алдына бир аяк бозо куюп койду да, оң тарабын карап туруп:

- Ой, Намазбай! Бери кел! Кемпириң менен уулуңду бери чакыр, чогуу сүйлөшүп отуралы, - деди. Аксакалдын чакыруу боюнча Намазбай кемпири жана уулу менен келип отурушту. Намазбай чарчы бойлуу, жашы 50 гө барып калган, кочкор тумшук, көзү кыбыңдаган сары киши боло турган. Капа болуп ыйлагандыктанбы, көзүнүн алды нымдуу, көрүнүшү суз. Сары малакай тебетейин баса кийип, сары тондун белин бүйрө курчанган. Армияга бара жаткан балдар жөнүндө сөз башталары менен:

- Оңбосун Гитлер, элдин убалына калды. Жалгыз балам минтип кетип бара жатат. Алдагандай болот? - деп, Намазбай жашып кетти.

- О, карыган күйкө көздөнгөн неме десе! Болду, жөөлүбөй отур. «Жалгыз балам минтип кетип бара жатат» деп коёт. Бул иш жалгыз сага келип жатабы? Жалгыз сенин эле уулуң бара жатабы? Бүтүн совет элинин жаштары кетип бара жатпайбы.

- Жаза тайып, көз жумса кантебиз деген кеп да.

- Болду, күптү болгон чүйлү тумшуктанган неме. «Жаза тайып...» ажалы жеткен адамды сен өлүмдөн сактап калып жүрдүң беле? Ыйлагандан көрө кайрат бербейсиңби? Сенин бир балаң бара жатса, менин мына бул үч уулум бара жатат.

Керек десе үч келинимди ээрчитип алып мен дагы барам! - деп аксакал киши Намазбайды аябай жемеледи.

«Карыган күйкө көздөнгөн... күптү болгон чүйлү тумшуктанган» деген сөздөрдү угуп, отургандар алда небак күлүп калышты. Бирок, Чолпонбай күлгөн жок. Тигил аксакалдын сөзүнө кубанып турду да: «Ушундай элди өстүргөн жерден айланайын. Ушундай карыясы бар элден айланайын. Ушул элди коргоо үчүн согушка барган жигиттер да арман кылабы» - деп ойлоду. Арадан алты күн өткөндөй, Чолпонбай дагы ага-тууганы жана энеси Сууракe, эжеси Жамыйла менен коштошуп, армияга жөнөмөк болду.

1941-жылдын декабрь айынын 16-числосу. Жер бети ак кардан чапан кийип, Талас тоолору ак чүмбөт жамынган. «Тү» десе түкүрүк жерге түшпөйт, «ү» десе ооздон чыккан жел көк түтүндөй буркурайт. «Боз улан богоктуу калбасын, боз токту куйруктуу калбасын, кысырак жалдуу калбасын, кыз-келин алдуу калбасын... камчылан, жаным, камчылан» деген токсондун тополоңу менен чилденин суугу зыркырап, колду какшатып, бети-башты жалайт.

Чолпонбайды узатууга жакшы көргөн ага-жеңелери жана тели-теңтуштарынын бардыгы келишти. Бирок Чолпонбай үчүн эң кымбаттуу кишиси көзүнө көрүнбөйт. «Эмне үчүн эл менен бирге шылтоолоп келбеди экен? Жок, ал кечинде эле короосунда соо жүргөнүн көргөмүн. Балким, башка себеп болгон чыгар. Ооба... Менин армияга кетип жатканымды угуп, айнып калган чыгар. Ырас, айныган... армияга кетип бара жаткан эме качан келет? Балким, өлүп калар, өлбөгөн күндө да аны узакка күтпөйүн, күндүк өмүрдүн түштүгүнө жорго минейин деген чыгар. Ырас, ошондой... Мейли, колумдан келер чара жок. Бирок анын ушунчалык жеңил ойлуу экенин кантип билбей калдым?..» деп ойлонуу менен Чолпонбай тунжурап калды.

- Кана,  убакыт болуп калды, жүргүлө! - деген үн Чолпонбайдын оюн бузду.

Чолпонбай эл менен акыркы ирет коштошту да жөнөп калды.

Тельман колхозунун селосунан чыкканда: «Чоке, жөнөп калдыңбы? Кайыр эмесе, кош бол! Саламат барып сак келгин. Кудай силерге кубат берсин. Өмүрүң узун болсун. Абийир алып, жеңиш менен келгиле!» - деген үндөр, көчөнүн чар тарабынан угулуп, элдер келип коштошуп жатты.

- Токтой тургула! - деген үндү улай караганда чыгыш тараптагы көчөдөн чуркап келе жаткан эки-үч келинди жана кыздарды көрүштү. Чолпонбай кандайчадыр өзгөрүлө түштү. Бирок анын бул кыяпатын эч ким байкабады.

- Жөнөп калдыңбы, уулуке! Кош эми садагаң, көрүшкөнчө аман бол!

- Саламат бол!

- Бактылуу бол!

- Барганда адресиңди билдирип, комсомолдорго кат жаз!

- Кош бол!

- Кош! - дешип, кыз-келиндер колдорун кыса кармашып коштошушту.

Бир кыз эң акырында Чолпонбайга колун суна, алаканына эптеп кармаган катты Чолпонбайдын алаканына сала, анын колун кыса кармап:

- Саламат бол! - деди. Бирок кыздын көзүнөн жашы кылгыра түшкөнүн, башка кишилер эмес, Чолпонбайдын өзү дагы байкабай калды.

Киров селосуна карап жөнөп калышты. Чолпонбайдын оң жаккы алаканы ысыйт. Оң алаканы гана эмес, бүткөн бою чымырап, эт жүрөгү алда кандай кыз үчүн алып учат. Катты дароо ачып окугусу келет. Бирок жанында бара жаткан эл жолтоо кылат.

«Жаным Чолпонбай!..

Жазган катыңа өткөн жылы эле жооп берүүм керек эле. Ушул күнгө чейин жооп бербей келүүмө себеп: «Турмушка чыгууга жеңил карабай терең кара. Айлап-жылдап сынасаң да, ойлосоң да эрк сенде. Экөөбүз абдан сынашып анан турмуш куралы!- деген сөзүң болду. Экинчиден: «Чолпонбай башка кызды сүйүп жүрөт» деген элдин ушагы да жолтоо болду. Бирок ошончодон ушунчага жүрүп, тайгак кечүү, тар жолдо бир барак кагазды колуңа кармата койгонума таарынба. Кечиргин, жаным!.. Бул кат мындан төрт күн мурда жазылса да ыгын таап бере албай жүрдүм. Мурдагы күнү үйдө киши жок эле, чакыртып жиберсем үйдө жок экенсиң. Мага абдан аянычтуу болду. Туулуп өскөнү андай өкүнгөн эмесмин. Кайыр, турмушта өкүнүч аз болобу дедим. Өзү эмне үчүн басып келбейт дейм. Бирок бойго жеткен кыздуу, күйөөсү жок келиндүү үйгө өзүң сыяктуулардын келиши кыйын, кыймылдасаң кырк түрдүү ушак чыгаруучулар жок эмес... аны да эске алдым.

Эми, жаным, армияга кетип бара жатасың. Армияга барган сен эмне болорду, үйдө жүргөн мен эмне болорду келечек өзү көрсөтөр. Ким бактылуу, ким бактысыз болорун тагдыр өзү белгилейт.

«Эр азамат эл үчүн туулат, элге кыйын иш түшсө, эл үчүн белин буунат» деген. Жалгыз сен эмес, баргын жаным! Элиң үчүн ыйык милдетиңди аткарып кел! Аман-эсен жеңиш менен кайтканыңда алдыңан гүл көтөрүп чыгармын. Ата-энем карап турса да, уялбай кучактап өбөрмүн...

Жаным! Сага арнап жоолук сайган элем, ыгы келсе кийин жиберемин. Азыркы сага деген белегим - кирсиз таза сүйүү. Ушул белегиме жүрөгүңдүн терең жеринен орун бер! Сага деген махаббатты кирсиз таза сактоого ант кылам. Сен дагы махаббатка кара санап кастык кылба! Мага тике кат жазба, эл ачып окуп коёт. Энең аркылуу жаз, ал киши экөөбүздүн махаббатыбызга кара санабас. Жок... жок... энеңе да жазба, ал киши кат таанытбайт, башка бирөөгө окутуп коюп мени уят кылат. Мен сага жазам, сен жазбай эле кой. Таарынбайм, жаным! Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт!.. Баатыр бол, жаным, сүйгөн селкиң кубансын! Кош!.. сүйгөнүң К.» - деп жазылган катты Чолпонбай эки кайталап окуп

чыкты. «Ыракмат жаным, сен үчүн, эл үчүн, Родина үчүн тамчы каным калганча күрөшөм!» деп, ордунан турду. «Алыстан болсо да сүйгөнүм көрүнөр бекен?» - деген ой менен военкоматтын терезесинен карады. Бирок Чолпонбайдын көзүнө сүйгөн кара көзү эмес, Тельман колхозунун селосу да көрүнбөдү.

1942-жылдын кыш айлары кыйгап, жаз айлары жандай салып, жай айлары аяктап калган. Чолпонбай жүргөн биздин бөлүк Дон суусунун чыгыш тарабына орношкон. Душмандын күчү Дондун батыш тарабында. Эмне үчүндүр, бүгүнкү күн күндөгүдөй эмес. Утуру-тетири жел жүрүп, сумсайган сур булуттар каршы-терши көчөт. Каркылдаган карга, чакылдаган сагызган, чыркылдаган чымчык жок. Тек Дон суусунун жака белине эч кандай жандар жаралбаган сыяктуу... Замбирек-тер күрсүлдөп, миномёттор ызылдайт. Пулемёт, автоматтар тытырап, мылтыктар тарсылдайт. Ажалдын кабарын айткансып, асманда октор зыркырайт. Белгисиз то-кой арасынан, чөп-чар арасынан арык-чөнөк, окоп жана ДЗОТ ичинен ок чачылат, асмандан каршы-терши учкан октор бирине бири кагылат. Тек алда кандай шум-дуктуу куралдар каарданып, от менен октун кыяматын жүргүзүп жатат.

Дондун чыгыш тарабындагы жээгине караганда, батыш тарабындагы жээги бийик, анын бийиктиги 100-120 метр чамаларындагы боз ала чаптуу кашатча, жар. Ошол кашатка чыгып, Дондун чыгыш өйүзүн караганда, он километрлеген ачык мейкиндиктер көрүнүп турат. Аркы гана өйүз эмес, ошол кашаттын алдындагы боз ала чаптуу боорлор жана жарлардын бардыгы даана көрүнүп турат. Дал ошол кашаттын башына орношкон душмандын ДЗОТу бар. Ал ДЗОТ абдан көрүнбөй турган кылынып жана бекемделип жашырылган. ДЗОТтун кенедей тешигинен, тиги биздин бөлүктөргө карап ажалдын оту күйүп, огу атылат. Ийинден шыкаала-ган көр чычкан сыяктуу, оздорун тешиктен чыгарып, душмандын пулемету жана автоматтары тытырайт.

Дон суусун кечип өтүп, С. селосунун алдындагы бийиктикти ээлеп, анан С. селосун алуу үчүн биздин бөлүккө приказ берилди.

Албетте, приказ - приказ!.. Бул приказ элдин приказы. Бул приказ Родинанын приказы... Бул приказды командирлер жана боецтер сыймыктанып аткарышат.

- Өлүм үчүн же гүлдөй турган өмүр үчүн ким барат? - деген үн угулганда:

- Мен, жолдош старший лейтенант! - деди Чолпонбай. «Мен» деген сөздү ай-тууга далайы камынса да, Чолпонбай бардыгынан мурун айтты.

Бул баатыр үнгө мактангандай командирлер жана боецтер жалт карай салыш-ты. «Баатырдын көркү маңдайда, чечендин көркү таңдайда» деген макал эстерине кылт этти.

Чолпонбайдын камаарабай күлүмсүрөп турушу, жазы маңдайынын жаркыра-шы, коюу кара каштын алдындагы терең кабагы, оттуу кара көзү, барбайыңкы тарткан мурду, калбайыңкы эриндери карап тургандардын эт жүрөктөрүн элжи-ретти. Командир Чолпонбайды кучактап оозунан өптү да:

- Баргын, Тянь-Шандын барчыны! - деди.

Чолпонбайга карап тургандардын бардыгы суктанышты.

Арадан бир минута да өткөн жок. Чолпонбай өзү сыяктуу азаматтар менен жөнөп кетишти. Бирок көрүнүп басып жөнөбөстөн, жашырынып, басып кетпестен боору менен жылып кетишти. Так анда-санда гана чөптүн башы былк эткен болот. Бир нече секундадан кийин Чолпонбайлардын дабышы да угулбай калды.

Элин, жерин, чексиз сүйгөн жарынын айтканын жүрөгүнө түйгөн Чолпонбай, бир жерге келип токтой калды. Себеби алдынан туурасы жыйырма метр келген чөпсүз такыр жолукту:

- Бул такырдан жылып да, чуркап да өтүүгө болбойт. Душман көрүп калат. Демек, алаңказарлык кылып душманга көрүнүп калсак, анда биз родинанын алдында командованиенин ыйык милдетин аткарбаган болуп табылабыз. Ошондуктан бул такырды айланып өтүш керек! - деди Чолпонбай.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин Чолпонбайлар Дон суусунун чыгыш жээгиндеги камышка келип токтошту. Душман аларды али көрө элек. Бирок иш абдан жаман. Мына бул айнектей бетин жаркыраткан суудан кантип өтүү керек? Душманга кантип көрүнбөй коюу керек? Бул суроо бардыгынын башын бийледи. Чуркап өтүүгө көпүрө жок. Көпүрө эмес кайык же башка чара жок. Сүзүп өтүү керек... Бирок душман эмне кылмак?

- Жолдоштор! Сүзүп өтүп аркы чапка жармашуудан башка эч чара жок. Жүргүлө! - деп, командир сууга карап жылды.

Ажалдан коркпогон баатырларга айланадагы бардык нерсе таңданып карагансыйт. Баатырлардын аракетин карагансып, жүрүп турган жел тынды. Дон суусу акканын токтотконсуп мемирейт. Кандайчадыр шумдук күткөнсүп, гүлдөр башын ийип, чөптөр солк этпей, камыштар катып калган сыяктуу.

Чолпонбайлар жабылып сууга киргенде, каардуу душмандар көрүп калып, автомат жана пулеметтон ок жаадырды. Мемиреген суунун үстүнө жааган мөндүр кандай болсо, Чолпонбайларга каршы атылган октун келип сууга түшүп жатышы да дал ошондой эле. Эгер дал ушул минутада алардын жанында турган жай адам болсо, тик багып карай албай көзүн жумар эле да, тилге келбей коркоктордун жаны чыгар эле...

О, чиркин... баатырлардын жүрөгү кандай! Эч нерседен жалтанбаган маңдайы кандай!..

Ысык-Көлдүн балыгындай сүзүп, Чолпонбай бат эле суунун аркы өйүзүнө чыкты. Анын артынан жолдоштору да чыкты. Дон суусунун бөгөп аккан терендиги, душмандын каарданып аткан калың октору Чолпонбайларды чочута албады. Бардыгы жабыла чуркап бийик чапка жармашышты. Бир ок чыркырап келип Чолпонбайдын жакасын жырып өттү, экинчи ок сол кулагынын үстүнөн өттү. Бирок ал октор Чолпонбайды жалтандыра албады. Душмандар эмдигиче бирөөнү ыргыта

ата албагандыгына ызаланышты. Каарданып бардык күчтөрү менен, бардык автомат жана пулеметтордон ок жаадырып, чаптын боорун чаңдатып тыта баштады. Душман айласы кеткенде, Чолпонбайдын жолуна ок төгүп туруп алды. Көз ачып жумганча «эмне кылуу керек?» деген ой Чолпонбайдын башына келе калды. Аңгыча болбой Чолпонбай, оң тарабындагы кемер жараңканы көздөй томолонуп кирип кетти. Арт жагында жылып келе жаткан жолдоштору чочуп кетип, «Чолпонбай өлдү» деген ойду баштарына да келтиришти. Бирок Чолпонбай эчтеме болгон эмес. Душманды алдап, ошол кемер жараңкага жетүү үчүн кылган амалы эле.

Талас жана Карабууранын суусуна чабак уруп, Таластын аскаларына ат ойнотуп көнгөн, Чолпонбай үчүн, мына бул Дондун суусу, мына бул бийик чабы кеп эмес болду.

Чолпонбай кемер жараңка менен тике өйдө чуркап жөнөдү. Берки жолдоштору душманды алагды кылып ок атып турушту. Чолпонбай чуркап бара жатып көз ирмегенче токтой калып, атып жибергенде, Чолпонбайды жок кылууга келе жаткан Гитлердин ити кулап кетти. Гитлерчилер Чолпонбайдын жакындап келип калганын көрүшкөндө, жүрөктөрү ооздоруна тыгылды, кутурган иттей жинденип, окту жамгырдай жаадырышты. Бирок Чолпонбай гитлерчилердин көзүн дагы жазгырды. Бул учурда жолдоштору дагы артынан жакындап келип калган эле.

- Курбулар! Бул жардын кемерлери бизге жардам бербейт. Кандай гана болсо да, ДЗОТту талкалаш керек!-деп Чолпонбай ДЗОТтун тиги тарабынан чыгууга жылып жөнөдү.

Чолпонбайдын артындагы жолдоштору, алар эмес, аркы өйүздөгү командирлери, кала берсе, жана гана коштошкон тилектеш бир боорлору, анын ар бир басып өткөн татаал жолдорун, ар бир кыймылынката кетирбей жана көздөрүн ирмебей карап туршат. Чолпонбай ДЗОТко улам жакындап, жети баштуу желмогуздар менен арбашат. Ооба... Арбашты... Ажал менен таалай бетме-бет кармашты... Адам эмес, тарсылдаган үндөн коркуп корголоогон канаттуулар, Дон суусунун ак балыктары баштарын көтөрүп, Чолпонбайга карагансыйт. Жандуулар эмес, жансыз табигаттын өсүмдүктөрү да Чолпонбайга багынгансып, баштарын төмөн ийгенсийт. Ажал менен таалайдын сааты кармашып, уламдан улам шумдуктуу окуя жакындап келет.

Чолпонбай болжогон жерине жетип, ДЗОТко карата биринин артынан бирин зыркыратып гранаталарды ыргытты. Гранаталар ажалдын оту менен огун бүркүп, күркүрөгөн каардуу үнүн удаама-удаа чыгарып, кара түтүндү буркуратып, топуракты асманга карай септи. Бирок ийинде жаткан жети баштуу желмогуздар аракетин токтотпой, ажалдын огун себе беришти. Мына бул жерде жаткан жолдошторунун кыймылдоого амалы жок. Өйүздөгү батальон чабуул коюп келип жардам берүүгө эч кандай мүмкүндүгү жок. Кана, кантип жардам бериш керек эле? Жабыла ат коюп, паанасыз ачык табага чыгып, бөөдө өлүм болуу керекпи?

- Жок, жок... Дал ушул шартта бөөдө өлүм болуу, барып турган макоолук...- деп, Чолпонбай өзүнө өзү күбүрөдү да, - ажалдын ачкычы, таалайдын кулпусу

ушул минутада менин колумда. Ооба... бир боорлорумдун таалайы, жети баштуу желмогуздардын ажалы менде,- деп, көзүнүн отун жайнатып, жыландардын уюгу болгон ДЗОТко карады да, - ооба... боорлорума карата атылып жаткан октордун бирин дагы кетирбей тосуп турсам, батальондун бактысына жол ачылып, жети баштуу желмогуздарга көрдүн эшиги көрүнөт.

Дал ошол секундада Чолпонбай чыгыш тарапты бир карады. Алда кайдан аркайып Ала-Тоо карап тургансыйт, калдайган кыргыз эли «талкала жоону» дегендей кол булгалагансыйт. Ак асаба кызыл туусун кармап, айгайлаган ызы-чуусун салып, ак куласын алкынтып, кырк чоросун жулкунтуп баатыр Манас келе жаткансыйт. Анын оң тарабында казактардын кан Көкчө, сол жагында Төштүк, өзбек каны Санжыбек, түркмөн каны Музбурчактар түркүм-түмөн кол менен жер дүңгүрөтүп келе жатат. Жалт бурулуп Москва тарапты караганда алга дегендей колун сунуп Ленин турат. Минин, Пожарский, Александр Невский, Суворов, Кутузов, Чапаев баатырлар жер дүңгүрөткөн чуу менен келе жатат. Чолпонбай көзүнөн жалынын чыгарып, тишин качырата чайнап алды да:

- Мына менин ата-бабаларым ким экенин бүт дүйнө билсин... Бүт дүйнөдөгү адам баласы өз көзү менен көрсүн. Айтканынан кайтпаган, ажалдан башын тартпаган, өлүмдү билбеген, душманга башын ийбеген баатырлардын тукуму - мен!.. Менин бабаларым өз доорунун баатырлары болуп, ошол өз доорунда ата мекендик ыйык милдеттерин аткарган. Мына, мен дагы элим үчүн, жерим үчүн, Родинам үчүн ата мекендик ыйык милдетимди аткарам!.. Мына бул ДЗОТтогу жыландарды өткөрбөй, бул бийиктикти биздин батальон ээлебей, мына бул С. селосун албай, биздин жеңиштин ачкычы колго тийбейт... Кош, тууган эне, тууган эл, тууган жер!..- деп бир эки секундага ойлоно калды. «Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт» деген сүйгөн селкиси К.-нын алтын сөзү эсине түшө калып, анын күлүмсүрөгөн ак жүзү, карагаттай кара көзү, сеңселген саамайы, тал чыбыктай буралган бою көзүнө элестегенде: - Кош жаным! Сага бир да кат жаза албадым. Кечиргин! Бактылуу бол! Силер үчүн, силердин таалайыңар үчүн, силерге каршы атылган окту колум менен эмес, жүрөгүм менен тосом!..- деп, ыргып тура көз ачып жумганча ДЗОТко жетип, ажалдын оту чачылып, октору атылып жаткан ДЗОТтун тешигин басып, пулеметтун оозуна жүрөгүн тосо берди:

Бул укмушка карап турган жолдоштору эмес, кара жер да солк эткенсиди. Көрүп тургандар көздөрүнө ишенбеди. Бирок чындык ишендирди. Бул чындыкты адам эмес, желге башын ыргаган өсүмдүктөр да макулдады. Жети баштуу желмогуздардын огунун бирин да Чолпонбайдын жүрөгү сыртка жиберген жок.

Көз ачып жумганча Чолпонбайдын артындагы жолдоштору жана командирлери Горохов, Гермaндар жетип келишти. Аркы өйүздөгү батальонго жол ачылды.

Арадан бир аз минута өтпөй, жети баштуу желмогуздар өздөрүнүн казган кара көрүндө жан беришти. Биздин бөлүк ушул бийиктикти ээлеп, анан С. селосуна чабуул коюп, С. селосун алышты. Фашисттик жыландарды селодон чыгарбай күмжам кылышты.

Чолпонбайды жолдоштору көтөрүп барып көк чөптүн үстүнө чалкасынан жаткырышты. Анын көзү жумулган... Кара тору буудай өңү саал кубарайын деген. Бирок маңдайы калыбындай кашкайып, чексиз эрдигин далилдеп турду.

Жолдоштору тегеректеп, ыйык милдетти аткаргандыгына алкыш айтышып, акырын эңкейип бетинен өбүшөт...

- Жолдоштор! Түлөбердиев Чолпонбай биздин арабыздан убактысыз кайтты. Бирок, Чолпонбай кыргыз эли гана эмес, бүтүн совет элинин ишеничин актап, ыйык милдетин баатырдык менен адам таңкаларлык кылып аткарды. Душмандын бир огун кетирбей тоскон Чолпонбайдын жүрөгүн карагылачы!.. Бул кимдин уулу?.. Мунун жүрөгү эмне деген жүрөк? - деп командир боецтерди айландыра бир карап алды да,- бул элдин чыныгы уулу... Мунун жүрөгүн большевиктер болоттон ширетип жасап, коммунизм суусу менен сугарган... Элдин ар бир уулу Чолпонбайдай болсун деп ай ааламга жар чакырабыз. Чолпонбайдын өлгөндүгү үчүн кайгырсак да, анын эрдиги үчүн кубанабыз. Чынында Чолпонбай өлгөн жок. Алар бир адамдын жүрөгүндө жана көз алдында түбөлүк жашайт. Кыргыз эли Чолпонбайдай уулу менен сыймыктанып мактанат... А биз болсок, эң акыркы... эң акыркы фашисттин башын жоймоюнча Чолпонбайдын жана Чолпонбай сыяктуу бир боорлорубуздун кунун кууйбуз! - деди командир.

Бүтпөгөн жыйналышты кайта улап, Чолпонбайды Ленин комсомолуна алышты.

Көп убакыт өтпөй, Чолпонбайга Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилүү жөнүндө, командованиенин сурануусу өкмөтүбүзгө кетти. Кеч курун, ошол кашат жардын үстүндөгү дөбөгө, бүтүн совет элинин ардактуу уулу Чолпонбайдын мүрзөсү пайда болду. Мүрзөнүн үстүнө жыгач сайылып, ал жыгачтын учуна беш бурчтуу жылдыз кадалып, ага:

«Сага түбөлүк даңк, кыргыз элинин баатыры!

Совет элинин чыныгы уулу — Чолпонбай Түлөбердиев, өзүңдүн ата мекениңдин даңкы үчүн, элиң үчүн баатырдык кылып, сен өзүңдү түбөлүк өлбөс кылдың!

Сенин эстелигиң түбөлүккө совет элинде жашайт!» деген жазуулар сыя карандаш менен жазылды.

Кызыл аскер Чолпонбай Түлөбердиев, дивизиядагы бардык роталарда, батальондордо, полктордо ардактуу кызыл аскер болуп эсептелди. Чолпонбайды дайыма эртели-кеч жоктоп турушат.

Баатыр уулунун кабарын кыргыз эли билди. Чыныгы уулуна эл ыраазы болду. Чолпонбайдын элеси ар биринин жүрөгүнүн толтосунан орун алды...

«Чолпонбайыма ыраазымын... Бооруңа Чолпонбай сыяктуу уулуңду өстүр... Чолпонбай сыяктуу уулунан, каштай тунук булагыңдын суусун, түркүм гүлүңдүн атыр жытын аяба... Асканa чыгарып алдейлеп, чабытыңан түлкү, кадууңан карышкыр аттырып үйрөт» деп, чыгыштагы Кантеңирге, батыштагы Эльбурска мактангансып, көптү көргөн сыры терең Ала-Тоо башын асманга карай созду...

## № 13

## ИЗ ПИСЬМА БОЙЦАМ-КИРГИЗАМ ОТ КИРГИЗСКОГО НАРОДА

**Киргизская ССР** **20 января 1943 г.**

Дорогие сыны наши! К вам, славные воины-киргизы, к вам, храбрые защитники города-героя на Волге, к вам, доблестные участники битвы на Кавказе, к вам, герои-панфиловцы, мы обращаем свой голос горячего привета.

Смертельная опасность нависла над нашей жизнью, над счастьем, завоеванным в Октябре. Фашистские мракобесы преподнесли миру зловонную теорию расизма. Они хотят превратить наши народы в рабов немецких князей и баронов. Невиданные страдания народа, виселицы, изуверские пытки, чечевичную похлебку в фашистском плену, кандалы на руки, кандалы на мозг – вот что принесли с собой гитлеровцы в оккупированные районы.

Захочешь ли ты, свободный киргиз, быть тоже пленником в железных цепях, выкованных на германских заводах?

Нет, ты не пойдешь в рабство, ты останешься свободным.

Не испугать фашистской мертвой голове живой головы Джульбарса, поющего грозную песню схватки. Недаром в первый же день войны ты, молодой киргиз, явился на зов, недаром славное знамя Ленина осенило твою черноволосую голову! На войну пришли тысячи киргизов, и среди них оказались сотни героев. На войну пришел пастух Дуйшенкул Шопоков[1], пришел, чтобы стать бессмертным. Как лев, воюет Калмурза Джусубалиев, на славу потрошит немцев панфиловец минометчик Абдрашид Батырбеков, метко ложатся пули снайперов Коенкозова и Адыкова, над полем брани победно реет дух Чолпонбая Тулебердиева, своим молодым телом закрывшего отверстие немецкого дзота.

Дорогие наши сыны, любимые мужья и братья!

Вы – наша надежда, вы – наш крепнущий оплот, вы – наша богатырская застава против фашистского зверья. В ваших молодых руках судьба Родины, в ваших могучих руках судьба советского строя. Сражайтесь же как лучшие из лучших. Будьте достойны славы храбрейших из храбрых…

Ваша Родина всегда с вами, дорогие сыны. Читайте это письмо всем киргизам-бойцам. Скажите им, что все наши думы, все наши горячие чаяния связаны с их героической борьбой. Скажите им, что мы верим в их скорую победу над смертельным врагом нашей Родины.

Да здравствует свобода и независимость нашей славной советской Родины!

---

[1] Дуйшенкул Шопоков сражался под Москвой в числе 28 панфиловцев, защищавших подступы к столице в районе Волоколамского шоссе. В бою 16 ноября 1941 года совершил бессмертный подвиг при сдерживании натиска 50 вражеских танков у разъезда Дубосеково. В неравном бою погиб. За проявленную доблесть, мужество, героизм 21 июля 1942 года Дуйшенкул Шопоков посмертно удостоин звания Героя Советского Союза.

Да здравствуют героические защитники Родины – бесстрашные воины Красной Армии!

Да здравствуют славные сыны киргизского народа, доблестно сражающиеся на фронтах Отечественной войны!

Письмо подписали свыше 700 тыс. человек.

**Кызыл Кыргызстан. 1943. 20 янв.**

## № 14

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ СОВЕТА НАРОДНЫХ КОМИССАРОВ КИРГИЗСКОЙ ССР №57 «ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ПРОЕКТА ПАМЯТНИКА – МЕМОРИАЛЬНОЙ ДОСКИ КРАСНОАРМЕЙЦУ ЧОЛПОНБАЮ ТУЛЕБЕРДИЕВУ, ГЕРОИЧЕСКИ ПОГИБШЕМУ В БОРЬБЕ С НЕМЕЦКИМИ ЗАХВАТЧИКАМИ»[1]

**г. Фрунзе** **29 января 1943 г.**

Совет Народных Комиссаров Киргизской ССР постановляет:

1. Утвердить представленный  Правлением Союза Советских Архитекторов Киргизской ССР проект памятника – мемориальной доски красноармейцу Чолпонбаю Тулебердиеву, героически погибшему в боях с немецкими захватчиками.

2. Место сооружения памятника – мемориальной доски определить на родине героя в колхозе им. Тельмана Кировского района Фрунзенской области.

3. Работу по сооружению памятника возложить на исполнительный комитет Кировского райсовета депутатов трудящихся и Правление Союза Советских Архитекторов Киргизской ССР.

4.Обязать исполнительный комитет Фрунзенского областного Совета депутатов трудящихся Киргизской ССР оказывать всемерную практическую помощь Кировскому райсовету депутатов трудящихся в быстрейшем окончании работ по сооружению памятника.

5. Наркомфину Киргизской ССР предусмотреть в бюджете Фрунзенской области ассигнования по внелимитным вложениям на сооружение памятника в сумме 15 тыс. рублей.

| | |
|---|---|
| Председатель СНК | Т. Кулатов |
| Зам. председателя СНК | И. Ребров |
| Член Бюро СНК | К. Джаналиев |
| Член Бюро СНК | Н. Джавадов |
| Член Бюро СНК | К. Дикамбаев |
| Управляющий Делами СНК | А. Силкин |

**ЦГА КР. Ф. 350. Оп. 1. Д. 504. Л. 9. Подлинник.**

---

[1] См. док. № 20.

## № 15

## ИЗ УКАЗА ПРЕЗИДИУМА ВЕРХОВНОГО СОВЕТА СССР «О ПРИСВОЕНИИ ЗВАНИЯ ГЕРОЯ СОВЕТСКОГО СОЮЗА НАЧАЛЬСТВУЮЩЕМУ И РЯДОВОМУ СОСТАВУ КРАСНОЙ АРМИИ»

**г. Москва** **4 февраля 1943 г.**

За образцовое выполнение боевых заданий командования на фронте борьбы с немецкими захватчиками и проявленные при этом отвагу и геройство присвоить звание Героя Советского Союза с вручением ордена Ленина и медали «Золотая Звезда»:

… 9. Красноармейцу Тулебердиеву Чолпонбаю.

Председатель Президиума Верховного Совета СССР М. Калинин
Секретарь Президиума Верховного Совета СССР А. Горкин

**Советская Киргизия. 1943. 18 февр.**

## № 16

## ПЕРЕДОВАЯ ГАЗЕТЫ «СОВЕТСКАЯ КИРГИЗИЯ» «ГЕРОЙ СОВЕТСКОГО СОЮЗА ЧОЛПОНБАЙ ТУЛЕБЕРДИЕВ»

**г. Фрунзе** **19 февраля 1943 г.**

Горячее сердце билось в груди Чолпонбая. В его крови кипела воинская доблесть легендарных батыров Киргизии – Манаса и Семетея. В его глазах горело пламя неугасимой любви к своей родине и лютой ненависти к врагам. В его сознании не было иных стремлений, кроме одного, всепоглощающего стремления – свято исполнять долг бойца.

Чолпонбай, уходя на фронт, дал клятву своим колхозникам, своей матери, своему народу: биться с врагом насмерть, но не отступать. Он был одержимым в исполнении этой клятвы.

Народный акын Алымкул воспел подвиг Чолпонбая:

Нет, не небо с землей слилось,
Нет, не рухнул вниз небосклон -
Это телом своим зажал

Огненную струю Чолпон.
И тогда замолк пулемет,
Навсегда он тогда замолк,
А джигит шептал: «Народ,
Видишь, свой я исполнил долг»…
Да, тогда пулемет замолк, -
Сразу стал безъязыким он,
И бойцов краснозвездных рать
Переправилась через Дон.

Подвиг Чолпонбая - подвиг бессмертия. В нем проявилась несгибаемая воля киргизского народа, его неустрашимое мужество, его воинская честь.

Верный сын киргизского народа Чолпонбай Тулебердиев удостоен высшей награды. Указом Президиума Верховного Совета СССР ему присвоено звание Героя Советского Союза.

Киргизский народ гордится своим верным сыном. Весть о высокой награде Чолпонбая Тулебердиева глубоко взволновала земляков героя, колхозников Кировского района. На родине в колхозе им. Тельмана и в других артелях колхозники на митингах выражают свои патриотические чувства. Они клянутся быть такими же в боях и труде, как их славный земляк Чолпонбай.

**Советская Киргизия. 1943. 19 февр.**

## № 17

## «КЫЗЫЛ КЫРГЫЗСТАН» ГЕЗИТИНДЕГИ МАКАЛА «СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЫ ЧОЛПОНБАЙ ТҮЛӨБЕРДИЕВ»

**Фрунзе ш.** **1943-ж. 19-февралы**

Ата мекендик согуштук фронтторунда кыргыз элинин эң мыкты уулдары родинабыздын эркиндиги, ар-намысы, көз каранды эместиги үчүн немецтик-фашисттик аскерлерге каршы баатырларча күрөшүп жатышат. Кыргыз элинин чыныгы уулу Чолпонбай Түлөбердиев немецтик-фашисттик жүзү караларга каршы күрөштө чексиз эрдикти, өз родинасына берилгендикти көрсөттү.

Биздин аскерлерибиз Дон суусун кечип өтүп, Н. селосун ээлөө керек деген буйрук алды. Ал буйрукту орундатыш үчүн эң авал сууну кечип өтүүгө жол бербей мөндүрдөй ок жаадырып, жолду торогон душмандын пулеметчиктерин жок кылыш керек эле. Биздин аскерлерге жол ачыш үчүн өзү менен бирге 10 боецти алды да Чолпонбай Түлөбердиев жоого бет ала жүрүп кетти.

Сууну кечип гана өтүш керек, башка эч мүмкүндүк жок. Булар сууну жөө кечүүгө белендегенде душмандар пулеметтон ок жаадырып турду. Суунун тереңдиги, душмандын мөндүрдөй жаадырган октору Чолпонбайды жана анын тайманбас жолдошторун айбыктыра албады. Алар сууну кечип өтүп, жардын кычыгы менен кашатты көздөй өңүп, жүрүп олтурду. Ал өңүтүн таап өңүп, ыгы келе түшкөндө таамай аткан огу менен фашисттик салпаяктарды жапшыра коюп да келе жатты.

Советтик боецтер кашатка чукул калышты. Бирок душмандын бугуп жаткан автоматчиктери аткылай баштады. Ошондо Чолпонбай жолдошторуна карап:

- Эгерде бугуп жаткан душманды жок кылбасак, өзүбүз да өлөбүз, бийиктикти да ала албайбыз жана батальонго жол да ачылбайт – деди.

Чолпонбайдын жолдоштору душман менен атышып турду, Чолпонбай душмандын ДЗОТун көздөй өңүп жүрүп отурду. Жакын жетиш үчүн үстү-үстүнө граната ыргыта баштады. Бирок душмандар ок атууну токтотподу. Жолдоштору коркунуч астында калды. Батальонго да жол ачылбады. Аны көргөндө Чолпонбайдын душманга каршы каары кайнады да секирип барып душманды да жана анын пулеметун басып жыгылды. Душмандардын ок атууга чамасы келбей, пулемету атылбай калды. Батальонго жол ачылып, тапшырма аткарылды.

Кыргыз элинин чыныгы уулу, кызыл аскер Чолпонбай Түлөбердиев родинабыз үчүн, элдин бакты-таалайы үчүн душманга каршы күрөштө эрдик көрсөтүп, жеңиш үчүн өзүнүн жан өмүрүн да аяган жок.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы боюнча Чолпонбай Түлөбердиевге Советтер Союзунун Баатыры деген эң жогорку наам берилди. Кыргыздын акындары Чолпонбай жөнүндө эң сонун ырларды, поэмаларды жазып, сүрөтчүлөр анын образын келтирип тартып жатышат. Чолпонбайдын эстелиги эл ичинде түбөлүккө жашайт. Анын көрсөткөн эрдиги ата мекендик согуштун фронтторунда шаңдуу Кызыл Армиянын боецтерин душманга каршы күрөшүүгө жана тылдагы иштегендерди каармандык эмгекке шыктандырат. Кыргыз элинин чыныгы уулу, ата мекендик согуштун каарманы, Советтер Союзунун Баатыры Түлөбердиевге даңк!

**Кызыл Кыргызстан. 1943-ж. 19 февралы,**

## № 18

## СООБЩЕНИЕ В ГАЗЕТЕ «СОВЕТСКАЯ КИРГИЗИЯ» «СЛАВНЫЙ ОБРАЗ ГЕРОЯ ВДОХНОВЛЯЕТ НА САМООТВЕРЖЕННЫЙ ТРУД» О МИТИНГЕ НА СТРОИТЕЛЬСТВЕ ВОРОШИЛОВСКОЙ ГЭС ПО ПОВОДУ ПРИСВОЕНИЯ ЧОЛПОНБАЮ ТУЛЕБЕРДИЕВУ ЗВАНИЯ ГЕРОЯ СОВЕТСКОГО СОЮЗА

**Фрунзенская область** **22 февраля 1943 г.**

Весть о присвоении звания Героя Советского Союза Чолпонбаю Тулебердиеву – члену сельхозартели имени Тельмана, Кировского района, мгновенно облетела все участки колхозного лагеря на строительстве Ворошиловской ГЭС. В забоях, в красном уголке, в агитпункте стихийно возникали короткие митинги строителей. Особенно большое оживление вызвала эта радостная весть у земляков Чолпонбая – колхозников бригады Тулебекова. Многие из них долго работали вместе с героем, хорошо помнят этого энергичного, сноровистого паренька, отлично выполнявшего любое задание в колхозе.

Колхозница сельхозартели имени Тельмана Бюбюджан Бекназарова неторопливо начала рассказ. И сразу же перед слушателями предстали сначала колхоз, в котором работал когда-то герой, а потом картина боя. Она возникла в их воображении так ярко, что все – и небольшие темные домики, и забои, и куски мерзлого грунта, сложенные штабелями – все это, казалось, ушло куда-то далеко, а на их месте появилось широкое поле сражения и тело Чолпонбая, распростертое на амбразуре вражеского ДЗОТа.

- Да, это на Чолпонбая похоже, - сказал бригадир Тулебеков.

И говоря о делах своей бригады, продолжал:

- А мы помогаем фронту стахановской работой. Вчера 150 процентов дали. Но это мало, дадим ещё больше.

Во второй половине смены в бригаде царило особенное напряжение. Один за другим сменялись люди в забоях. Носилки выносились с «шапкой».

Ночной сумрак плотно окутал высокую дамбу, домики и самих строителей, нехотя покидавших трассу. Только в одном забое снова, как по команде, в тесный кружок собрались строители бригады Тулебекова. И когда стали прикидывать, кто сколько сделал за смену, то оказалось, что колхозники Иманкул Уметалиев, Кошон Балбаков, Бюбюджан Бекназарова и другие перевыполнили норму в два раза.

И тогда сказал колхозник Тулебеков, словно обращался к самому герою:

- Жаль, нет тебя здесь, Чолпонбай! А то порадовался бы вместе с нами: ты – нашему успеху, мы – твоему.

**Советская Киргизия. 1943. 22 февр.**

## № 19

## ИЗ ПИСЬМА БОЙЦОВ И КОМАНДИРОВ 8-й ГВАРДЕЙСКОЙ СТРЕЛКОВОЙ ДИВИЗИИ им. ГЕНЕРАЛ-МАЙОРА И.В. ПАНФИЛОВА ТРУДЯЩИМСЯ КИРГИЗИИ

**Действующая армия** **9 марта 1943 г.**

Дорогие отцы и матери, братья и сестры, родной наш киргизский народ! С трепетом волнения и радости прочли мы ваше письмо к бойцам-киргизам[1]. Глубоко в сердцах запечатлели мы каждое слово вашего священного наказа. Письмо родного народа ещё больше укрепило нашу любовь к великой Отчизне. Могучий голос Родины-матери, родного киргизского народа ещё выше поднял наш боевой дух, влил в нас новые силы, умножил нашу энергию и решимость в борьбе с ненавистным врагом.

В дни, когда мы ведем смертельный бой с кровожадным фашизмом за очищение нашей священной земли от гитлеровской мрази, приезд к нам, панфиловцам, дорогих гостей-земляков, письмо руководителей Советской Киргизии и любовно собранный вами подарок для своих сынов-фронтовиков наполнили наши сердца чувством глубокой благодарности к вам, дорогие наши отцы и матери, братья и сестры, за ваше внимание и заботу. И это еще больше воодушевляет нас на героические подвиги во славу Родины, во славу родной Киргизии.

Мы, гвардейцы-киргизы, вместе с нашими братьями русскими и украинцами, казахами и белорусами, грузинами, татарами и другими представителями народа Советского Союза, сражаясь с немецкими оккупантами, здесь, на нашем участке фронта, защищаем родную землю, родной дом, нашу солнечную Киргизию. Беспримерный подвиг наших кровных братьев – 28 богатырей-панфиловцев, в числе которых был и бессмертный сын киргизского народа Дуйшенкул Шопоков, непревзойденный героизм и мужество защитников Сталинграда, неудержимый наступательный порыв воинов-освободителей Воронежа, Харькова, Ростова, Краснодара, Курска, Ржева и многих других городов и сел нашей Отчизны служат образцом и вдохновляющим примером священной борьбы за нашу свободу и независимость, за счастье наших семей, за радость нашего народа, за прекрасное будущее наших детей.

Наша священная борьба рождает все новых и новых богатырей. Своими смертоносными минами сотни поганых немцев покрошил прославленный минометчик Абдрашит Батырбеков; метко и насмерть бьет фашистов односельчанин вашего посланца, нашего дорогого гостя Мамарасулова – Мамадали Мадаминов.

---

[1] См. док. № 13.

Он из своей снайперской винтовки уничтожил 147 гитлеровцев; не умолкая, гремят выстрелы молодых снайперов Алымкула Абибулдаева, Абдыжалилла Адамова и других, сметая с лица земли одного за другим звероподобных немцев.

Мы гордимся ими. Они и многие другие сыны киргизского народа продолжают бессмертную традицию своих единокровных братьев, легендарных героев Дуйшенкула Шопокова и Чолпонбая Тулебердиева...

Клянемся тебе, наш родной народ, что будем беспощадно мстить фашистским палачам за все их злодеяния.

Будем достойными славных боевых традиций киргизского народа. В нашей памяти с малолетства живут образы легендарных батыров Манаса, Семетея, героическими подвигами прославивших свой народ. В боях с немецкими оккупантами мы умножим подвиги наших народных героев.

Клянемся тебе, родной народ: мы будем в первых рядах бесстрашно сражаться с немецкими оккупантами, будем беспрекословно и точно выполнять приказы и распоряжения своих командиров. Приказ командира – закон для нас...

Дорогие отцы и матери, друзья! Мы, фронтовики, ежедневно, ежечасно чувствуем вашу великую отеческую заботу о нас. Мы чувствуем плоды героического труда рабочих, колхозников, интеллигенции нашей республики.

Богат и славен наш Киргизстан. Народ наш неутомим. Недра нашей земли хранят в себе неисчерпаемые источники народного блага.

Все для фронта, все для победы над врагом! – Вот под этим боевым лозунгом день и ночь трудитесь вы, дорогие наши земляки. Но борьба с кровавым, все ещё сильным врагом требует ещё большего напряжения народных сил и энергии...

Мы, фронтовики, высоко пронесем честь и славу боевого знамени, честь воина-джигита, честь советской гвардии. Словами поэта-фронтовика Шамшиева мы отвечаем тебе, родной народ:

Буду я стоек, бесстрашен в бою,
Я материнское слово храню.
Немца не будет на нашей земле,
В этом я клятву киргиза даю.

Смерть немецким оккупантам!

Да здравствует нерушимая дружба народов нашей страны!

Следует 58 подписей

**Киргизия в годы Великой Отечественной войны 1941-1945 г.г. Сборник документов и материалов. Фрунзе: 1965. С. 519-523.**

## № 20

## РЕШЕНИЕ ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО КОМИТЕТА КИРОВСКОГО РАЙОННОГО СОВЕТА ДЕПУТАТОВ ТРУДЯЩИХСЯ «О СООРУЖЕНИИ ПАМЯТНИКА – МЕМОРИАЛЬНОЙ ДОСКИ КРАСНОАРМЕЙЦУ ЧОЛПОНБАЮ ТУЛЕБЕРДИЕВУ, ГЕРОИЧЕСКИ ПОГИБШЕМУ В БОРЬБЕ С НЕМЕЦКИМИ ЗАХВАТЧИКАМИ»

**с. Кировское** **17 марта 1943 г.**

В соответствии с постановлением СНК Киргизской ССР от 29 января 1943 г. за № 57[1] и решением Исполкома Фрунзенского областного Совета депутатов трудящихся от 13 февраля 1943 г. за № 126 Исполком Кировского Районного Совета депутатов трудящихся решает:

1. Установить место сооружения памятника - мемориальной доски красноармейцу Чолпонбаю Тулебердиеву, героически погибшему в боях с немецкими захватчиками, на Родине Героя в колхозе им. Тельмана Чимкентского сельсовета.

2. Представленный Правлением Союза Советских Архитекторов Киргизии проект памятника в трех вариантах – утвердить в первом варианте (Авторы архитекторы Верюжский В.В. и Пушкарев В.И.).

3. Поручить Председателю Исполкома райсовета Т. Абдраимову заключить с Правлением Союза Советских Архитекторов Киргизии договор на проведение проектных работ и техническое наблюдение за строительством памятника.

4. Обязать Райфо предусмотреть в бюджете на 1943 год 15,0 тысяч рублей по внелимитным затратам на финансирование работ по сооружению Памятника, в том числе в I квартале 2, 0 тысячи рублей, во втором квартале 13,0 тысяч рублей.

Председатель Исполкома

Секретарь

**Таласский ОГА. Ф. 126. Оп. 1. Д. 63. Л. 114. Копия.**

---

[1] См. док. № 14.

## № 21

## СТАТЬЯ В ГАЗЕТЕ «СОВЕТСКАЯ КИРГИЗИЯ» «ГЕРОЙ СОВЕТСКОГО СОЮЗА ЧОЛПОНБАЙ ТУЛЕБЕРДИЕВ»

**Действующая армия** **9 июня 1943 г.**

В камыше, сбегающем в самый Дон, расположились бойцы. Серебряная лента реки сужается здесь. Тихо плещется вода, шумит камыш.

В первой цепи, у самой воды, лежит молодой боец Чолпонбай Тулебердиев. Пухом юности покрыто его лицо, еще не знающее бритвы. Он зорко всматривается в противоположный берег. Там – враг. Оттуда нет-нет, да и прочеркнет черное небо пулеметная очередь трассирующих пуль, птицей вспорхнет в небо ракета и недвижно повиснет в нем, светом своим озаряя окрестность.

Тот берег, где засел враг, обрывист и крут. Почти вертикальная меловая сопка, и на ее вершине вражеский дзот, ощерившийся пулеметами и автоматами. Сопка господствует над местностью. С нее простреливается каждый метр переправы…

В камышах в предрассветной, еще серой туманной мгле шло заседание ротной комсомольской организации. Уже были приняты в семью боевого ленинского комсомола украинец Остап Черновол, грузин Серго Метревели, татарин Гайфулла Гилязетдинов. Дошел черед до заявления Чолпонбая Тулебердиева, когда командир роты старший лейтенант Горохов прервал заседание.

- Комсомольцы! На том берегу вражеский дзот мешает переправе и штурму высоты, кто пойдет со мной? – и он показал рукой туда, где начинала розоветь под первыми лучами солнца меловая гора. Встали все в дружном согласии. Чолпонбай успел раньше других сказать:

- Я, товарищ старший лейтенант.

И хотя собрание еще не решило вопроса о приеме в комсомол Чолпонбая, командир отдал боевой приказ:

- Первый взвод переправляется прямо на дзот, второй – с левого фланга, третий – с правого.Станковым и ручным пулеметам – поддерживать переправу огнем.

В трех местах податливо расступилось серебро донской воды. Командир роты старший лейтенант Горохов, командир взвода Герман и боец Тулебердиев уже через минуту плыли в трех разных направлениях к дзоту, держа над головами автоматы и гранаты. Враг словно взбесился, открыв бешеный огонь. Рота, засевшая в камышах, затаила дыхание. Вокруг пловцов вскипела вода от автоматных и пулеметных очередей, но бесстрашные плыли вперед.

Вот уже и берег близко. Вздох облегчения вырвался у всех, когда один за другим воины выползли из воды. Теперь они были в мертвом пространстве, непростреливаемом из дзота.

Из камышей все видели, как Чолпонбай, широко размахнувшись, бросил одну за другой гранаты. Потом махнул рукой, как бы ободряя своих товарищей, что ждали сигнала в камышах, и пополз, карабкаясь, к дзоту, по крутому скату меловой горы. Горохов и Герман  ползли с флангов. Вот Чолпонбай, достигнув вершины ската, быстро вскочил и бросился к дзоту. Остервенело заработали пулеметы и автоматы врага.

Чолпонбай без колебаний шел на дзот врага, стреляя из автомата. Его смертельно пронзили пулеметные пули. Но сердце, зажженное огнем священной ненависти к врагу, живет еще. Чолпонбай уже не мог больше дать очереди из автомата по звериным мордам, проглядывавшим через амбразуру дзота. Руки не слушались. В глазах поплыли многоцветные круги, все стало окутываться дымкой и терять свои очертания. Качнулась меловая гора. Чолпонбай собрал все силы, добежал до амбразуры и телом загородил ее. В крови героя захлебнулись вражеские пулеметы и смолкли. Перестали строчить и автоматы. В минуту замешательства врага подоспевший командир роты Горохов ворвался в дзот и длинной очередью из автомата скосил немцев.

Смерть героя на глазах у бойцов подняла их в атаку. Все разом бросились к реке, и кто вплавь, кто на плотах, устремились вперед – туда, где лежало еще не остывшее тело Чолпонбая, звавшее теперь вперед, как боевое знамя.

Этот накал ненависти к врагу принес победу. Высота, а за нею и населенный пункт С. были взяты штурмом. Превосходящие силы противника были разгромлены.

В сводке Советского Информбюро об этой беспримерной атаке дзота сообщалось строго и скупо, несколькими строчками:

«Южнее Воронежа бойцы Н-ской части, форсировав Дон, выбили фашистско-немецких оккупантов из населенного пункта С. Противник оставил на поле боя 800 трупов. Захвачено 16 орудий, десятки пулеметов, много винтовок, автоматов и боеприпасов».

***

- Продолжим, товарищи, наше собрание, – сказал после боя секретарь комсомольской организации, – кто за прием в ряды ленинского комсомола бойца Чолпонбая Тулебердиева?

В суровом молчании встали бойцы. Они сняли стальные каски и подняли руки.

Чолпонбай посмертно был принят в комсомол[1]. В кармане у него нашли недописанное письмо любимой Гюльнар[2]:

«Свет и радость моя, - писал Чолпонбай, - ждешь ли ты меня? Скоро я пойду в бой, буду бить врага, как били его киргизские батыры, за тебя буду бить, за родную Киргизию, за Сталина…»

Были еще тут газетный обрывок со стихотворением Джамбула «Бей врага, сын мой!», разбитое пулями и обагренное кровью зеркальце и письмо от брата Токаша Жолдошева из далекого киргизского кыштака Кызыл-Туу.

К вечеру на холмике, возникшем у обрыва, вырос деревянный обелиск, увенчанный пятиконечной красноармейской звездой, с надписью, любовно выведенной химическим карандашом:

«Вечная слава тебе, герой! Верный сын советского народа, Чолпонбай Тулебердиев, своим подвигом во славу Родины ты обессмертил себя и свой народ! Память о тебе будет жить вечно в советском народе».

Герой бессмертен.

Красноармеец Чолпонбай Тулебердиев зачислен почетным красноармейцем во всех ротах, батальонах, полках гвардейской дивизии. И сейчас на каждой поверке командир громко и четко, в торжественной тишине, докладывает поверяющему:

«Герой Советского Союза красноармеец Чолпонбай Тулебердиев погиб смертью героя при взятии немецкого пулеметного дзота, на западном берегу реки Дон, у деревни С.».

Коротка была жизнь Чолпонбая. Не доведется ему больше гулять среди дворцов Всесоюзной сельскохозяйственной выставки, о которых он мечтал в ночь перед боем. Не целовать ему больше любимой Гюльнар, не скакать на киргизских конях.

Коротка была жизнь у Чолпонбая, но о бессмертном подвиге его акыны слагают былины. Его сердце было его самым сильным оружием, одухотворенным любовью к жизни, к родине, закаленным священной ненавистью к врагу, а она всегда сильнее смерти.

Слава киргизскому народу, воспитавшему отважного воина Чолпонбая Тулебердиева! Почет отцу и матери, взрастившим сына-героя своей отчизне!

Гвардии старший лейтенант А. Рогов

**Советская Киргизия. 1943. 9 июня.**

---

[1] Данные о членстве Ч. Тулебердиева в рядах комсомола противоречивы. См., например, док. № 26.

[2] См. док. № 4.

## №22

## «КЫЗЫЛ КЫРГЫЗСТАН» ГЕЗИТИНДЕГИ ЧОЛПОНБАЙ ТҮЛӨБЕРДИЕВ ТУУРАЛУУ МАКАЛАЛАРДЫН ТОПТОМУ

**Фрунзе ш.** **1943-ж. 11-июлу**

### ЭРДИН ТУРПАТЫН ЭР ЭСКЕРЕТ, ЭЛ УНУТПАЙТ

Немецтик-фашисттик басып алуучулар менен болуп жаткан күрөштө биздин Родинабыздын чыныгы патриоту, кыргыз элинин кыраан уулу Чолпонбай Түлөбердиев ашкан эрдик менен курман болду. Немецтик аккупанттардан Донду бошотуу үчүн болгон каардуу согушта, ал, биздин родинабыздын ар-намысы жана эркиндиги үчүн эрлерче күрөштү.

Өткөөл үчүн болуп жаткан катуу согушта биздин бөлүктөр дайраны форсировать этишине бийиктиктеги душмандын ДЗОТу тоскоолдук кылып жатты. Ошондо Түлөбердиев жолдоштору менен бирге душмандын катуу огу астында Дон суусун сүзүп өтүп, бийиктиктин чокусуна биринчи жетти. Ал жерге душмандын ДЗОТу орношкон болучу.

Ал өзүнүн денеси менен душмандын ДЗОТунун амбразурасын тосуп, укмуштуу эрдикти көрсөттү. Душмандын апкаарып калышынан пайдаланып биздин боецтер ДЗОТко чабуул коюп, душмандын андагы расчётторун, пулемётторун талкалап, жок кылды.

Даңктуу жоокер Чолпонбай Түлөбердиевге Советтер Союзунун Баатыры наамы берилди. Фрунзе областынын Киров районунун эмгекчилери баатырдын туулган жерине эстелик оротту.

Төмөнкү буйрукту жарыялаймын:

1. Немецтик басып алуучуларга каршы жүргүзүлгөн согушта курман болгон Советтер Союзунун Баатыры, гвардиянын кызыл аскери Чолпонбай Түлөбердиев Н-ский гвардиялык полктун 9-аткычтар ротасынын өздүк составынын тизмесине түбөлүктүү киргизилсин.

2. Көрсөтүлгөн бөлүктүн өздүк составынын тизмесине түбөлүккө киргизилген родина үчүн болгон согушта курман болгон баатырдын наамы ар дайым кечки текшерүүлөрдө жана чакырууларда айтылып турсун.

Согуш совети.

**“Боевой натиск” газетасынан**

### ЧОЛПОНБАЙ ЭРЛЕРДИН КАТАРЫНДА

Советтер Союзунун Баатыры, кыргыз элинин кыраан уулу Чолпонбай Түлөбердиевдин Н-ский гвардиялык полктун 9-ротасынын өздүк сотавынын тизмесине түбөлүккө киргизилди.

“Ротага жаңы боец келгенде бул кереметтүү баатырдын укмуштуу иштер жөнүндө жана анын турпатын эски боецтер кандайча урматтап, өздөрүнүн көңүлүндө ыйык наам катарында сактап жүргөндүгүн айтып берет.

Өлчөөсүз эрдик менен курман болгон баатырдын даңкы – бардык ротанын, бүткүл полктун даңкы. Бул бөлүктүн ар бир боеци ар бир командири Чолпонбай Түлөбердиевдей өз родинасын ыйык сүйүп, душман менен ырайымсыз түрдө кармашып жатат.

Чолпонбай Түлөбердиевдин ата-энеси, урук-туугандары, жердештери, бүткүл кыргыз эли баатыр уулу кызмат кылган рота походдо да, окууда да, согушта да эң алдыда экендигин угушса, алардын жүрөгүнө кубаныч толуп, жетине албай алкыш айтып, сүйүнүч кылар.

Биз баатыр өткөн куралдаш курбубуздун, кыргыз элинин кыраан уулунун кереметтүү турпаты үчүн кара жоодон аянбай өч алалы. Эр жүрөк жоро-жолдошубуз Чолпонбай Түлөбердиев бизди ротанын ар намысы үчүн кек алууга чакырат. Душманга каршы алга жолдоштор!”

**“Боевой натиск” газетасынан**

## БААТЫРДЫН НААМЫ АТАЛГАНДА

Узун строй. Строй кыл керилгендей түптүз. Катардан шырп эткен добуш, былк эткен кыймыл билинбейт. Рота старшинасынын гана так шилтеген кадамы, атылгандай ачык чыккан командасы гана угулат. Бул Н-ский бөлүктүн 9-ротасы.

Командирдин колунда ротанын өздүк составынын тизмеси, строй мурункусунан бетер суз, айбаттуу. Тырс эткен добуш чыкпайт.

Командир айбаттуу үнү менен ачык, даана жана так:

- Чолпонбай Түлөбердиев!- деп, баатырдын атын биринчи атайт.

Ротанын оң флангасында биринчи болуп турган боец:

- Родинабыз үчүн немецтик-фашисттик басып алуучуларга каршы жүргүзгөн согушта баатырдык менен курман болду!

Күндө ушундай, дайыма ушул. Чолпонбайдын баатыр элеси дайыма тирүүдөй биздин жүрөгүбүздө жана көз алдыбызда турат. Баатырдын турпаты ар дайым биздин катарыбызда болуп, ал согуш майданында бизди эрдикке, баатырдыкка сүрөйт.

“Мен өзүм снайпермин. Мылтыгымдан атылган ок менен 60 фашисттик мыкаачыларды жок кылдым. Родинанын кеги жана өчү менин бул ишимди аз дейт. Чын, бул аз! Менин көкүрөгүмдөгү орус жүрөгүм согуп турганда, адамзаттын кара жоосу болгон немецтерге каршы менин куралдаш баатыр бир тууганым кыргыздын кыраан уулу Чолпонбайдай аянбастан кармашамын”.

**Гвардиянын старший сержанты ШАПКИН**

**“Боевой натиск” газетасынан**

**Кызыл Кыргызстан. 1943-ж. 11-июлу**

## №23

## «КЫЗЫЛ КЫРГЫЗСТАН» ГЕЗИТИНЕ БАСЫЛГАН «ЧОЛПОНБАЙ» АТТУУ МАКАЛА

**Фрунзе ш.** **11-июль 1943-ж.**

Дондун боюндагы калың камыштын ичинде боецтер топтолду. Дарыянын эң кууш жери мына ушул жер. Камыш ыргалат, майда толкун жээкти көздөй жарышат.

Суунун жээгиндеги эң алдыңкы сапта жаш боец Чолпонбай Түлөбердиев жатты. Анын али устара чие элек бети албырып, кызыл жана сурдуу. Көз ирмебей суунун аркы өйүзүн карайт. Анда – душман. Ал жактан таңы ата элек асманды пулемёттун трассалоочу огу тилкелейт. Ракеталар асманга торгойдой сызып чыгат.

Душман бекинген тиги суунун жээги бийик жар. Чокусу аппак бордуу бийик дөң. Ошол дөңдүн кылда кырында душмандын ДЗОТу орношкон. Андан пулемёттор, автоматтар окту айланасына мөндүрдөй төгөт. Бул бордуу дөң өзүнө жакын айлананын баарына бийиктик кылат. Бул жерден кечмеликтин ар биринин этектей жерине ок тийип турат.

Таңга маал сасык туман баскан камыштын арасында роталык комсомол уюмунун жыйналышы болуп жатты. Украиналык Остап Черновол, грузин Серго Метревели, татар Гайфулла Глязитдиновдор ленининдик комсомолдун күжүрмөн катарына алынды. Чолпонбай Түлөбердиевдин арызына кезек келди. Ошол учурда ротанын командири старший лейтенант Горохов:

- Комсомолдор!- деп жыйналышты үздү. – Тигил өйүздөгү душмандын ДЗОТу, суудан өтүп бийиктикти штурмалоого кесир кылып жатат. Мени менен ким барат? – деп жаңы тийген күндүн шооласынан кызара баштаган бордуу дөңдү колу менен көрсөттү.

Комсомолдордун бардыгы бирдей ордунан тура келди. Чолпонбай баарынан мурда озунуп:

- Мен, жолдош старший лейтенант,- деди.

Жыйналышта Чолпонбайды комсомолго алуу маселеси чечилбей калды. Командир приказ берди:

- Биринчи взвод ДЗОТту тике бет алып суудан өтсүн, экинчиси сол флангадан, үчүнчүсү оң флангадан бийиктикке чабуул койсун. Станкалык жана кол пулемёт кечмеликти калкалап турсун.

Дондун мелтиреген тынч дарыясы. Ротанын командири старший лейтенант Горохов, взвод командири Герман жана боец Түлөбердиев үчөө үч жактан ДЗОТту бет алып, автоматтарын, гранаталарын башына кармап, дарыяны сүзүп бара жатышты. Душман жин тийгендей ок төктү. Камыштын ичинде

далдаланып жаткан рота жымжырттанды. Сүзүп бара жаткан суучулдардын айланасындагы тийген октон суу боржоктоп кайнагандай көрүнөт. Алар ага карабастан илгери бет алып сүзүп бара жатышты.

Жээк жакын калды. Суучулар биринин артынан бири суудан суурулуп чыга келгенден кийин, камыштагылардын көңүлү бөксөрүп үшкүрүндү. Эми алар ДЗОТтун огу тийбес жер – өлүү пространстводо эле.

Чолпонбайдын бир нече гранатаны удаалата ДЗОТко ыргытканын камышта калгандар көрүштү. Анан ал калган жолдошторун чакыргандай колун дагы бир шилтеди да, дзотту бет алып, бордуу дөңгө жөрмөлөп чыга баштады. Горохов менен Герман флагына жан жагынан сойлоп ДЗОТту бет алып алар да бара жатышты.  Чолпонбай дөңдүн чокусуна жатып, аңдыгандай бир аз жатты да, ДЗОТту көздөй ыргыды. Душмандын пулемёт, автоматтары огун кутургандай чача баштады.

Чолпонбай автоматынан ок атып, тупа-туура ДЗОТтун өзүнө бара жатты. Ага пулемёттун бир нече огу тийди. Бирок, анын кайраты аны жыкпастан, илгерилетип бара жатты. Чолпонбай автоматтан атууга, гранатын ыргытууга шайы келбеди. Колу көтөрүлбөйт. Көз алдынан жер көчүп, мунарыктап айланат. Бордуу дөң да ага ордунан көчкөндөй көрүндү. Чолпонбай өзүнүн акыркы күчүн жыйнады. Чымырканып тиштенип, обдулду эле, ал ДЗОТтун амбразурасына жете түштү. Амбразурадан чыккан пулемёттун оозун өз көкүрөгү менен тосту. Душман телөөрүй түшкөндө рота командири Горохов ДЗОТко кирип барып, автоматы менен ал дагы немецтерди кайсады.

Кызыл аскер Чолпонбай Түлөбердиевдин бул укмуштуу баатырдык кылыгын камыштын арасындагы рота көрө туруп, чыдап отура албады. Бардыгы ордунан көтөрүлүп турушту. Алар алдындагы мелтиреп жаткан терең Донго баары бирдей түштү да кетти. Алар алиге сууй элек баатырдын денеси жаткан жерди бет алып бара жатышты. Эми Чолпонбай өзүнүн күжүрмөн жолдошторун кызыл туудай илгери умтултту.

Чолпонбай кайратка келтирген ротаны эч кандай каардуу каршылык токтото албады. Алар бийикти, андан кийин эл турган С. пунктун ары-бери ээлешти да, дагы илгери карай умтулушту. Душмандын күчтүү жана арбын күчү таптакыр талкаланды.

Бул бордуу дөңдөгү ДЗОТко кылынган укмуштуу штурм жөнүндө советтик информбюронун сводкасында кыскача гана билдирүү болду:

“Воронеждин түштүгүрөөк жагында Н-ский бөлүктүн боецтери Дон дарыясын форситовать этишип, немецтик-фашисттик оккупанттарды эл турган С. пунктунан сүрүп чыгарды. Согуш талаасында душмандын 800 өлүгү калды. 16 замбирек, бир нече пулемёттор, көп мылтыктар, автоматтар жана окдарылар олжого түштү”.

***

- Жолдоштор, жыйналышыбызды уланталы,- деди, согуштан кийин комсомол уюмунун секретары – боец Чолпонбай Түлөбердиевдин ленииндик комсомолдордун катарына өтүшүн кимдер жактайт?

Каардуу үнсүздүктө бардык боецтер орундарынан тура келишти. Алар баштарынан болот калпагын алып, бардыгы бир добуштан колдоорун көрсөтүштү.

Ошентип, Чолпонбай Түлөбердиев курман болгон күнүндө лениндик комсомолдун катарына алынды.

Чолпонбайдын чөнтөгүнөн Гульнар аттуу кызга жазып, Бирок, бүтпөй калган каты табылды:

"Артык көргөн Гүлнарым, амансыңбы? Элимдин, жеримдин эркин таалайы үчүн, сенин, экөөбүздүн ырыстуу келечегибиз үчүн, улуу Сталин үчүн согушка кирип, жүзүкара фашисттер менен аябай салгылашып жатамын. Мени унутпа, жеңиш болот, жакында мен келемин...".

Кечке маал жардын үстүндөгү Бордуу дөңдүн чокусуна тактай кадалган эстелик сайылды. Анын бетинде кылдаттык менен сыя карындаш менен кызыл аскердин жылдызы тартылган жана төмөнкүдөй жазуусу бар:

"Өмүрлүккө даңк сага, баатыр!

Совет элинин чын уулу Чолпонбай Түлөбердиев родинанын эркиндиги үчүн укмуштуу эрдик көрсөтүп, курман болдуң. Бул эрдигиң менен өзүңдү жана элиңди өчпөс даңкка бөлөдүң.

Сенин эстелигиң совет элинин жүрөгүндө өмүрлүккө жашамак".

Чолпонбай көптү көрө албады. Ал өзүнүн самаган Москвасында, андагы Айыл Чарба Көрсөтмөсүн аралап жүрө албады. Ал, өзүнүн сүйгөнү Гүлнарына кубанып, тоо тулпарынын оозун коё берип, Ала-Тоосун артуулап чаба албады.

Чолпонбайдын өмүрү кыска болсо да, артына миң жашаган өмүрдөн артык дастан калтырды. Аны эрдикке, каармандыкка, тиричиликти, өмүрдү, элин-жерин сүйгөндүгү, элинин-жеринин таалайына көз арткан жүзүкара душманды чексиз жек көргөндүгү сүрөдү. Жүрөктөгү сүйүү жана жек көрүү сезими, ар дайым өлүмдөн күчтүү.

Чолпонбайдай укмуштуу эр жүрөк баатырды тарбиялап өстүргөн кыргыз эли, сага даңк! Чолпонбайдай кыраан уулду өстүргөн азиз эне, касиеттүү ата, силерге даңк!

**Гвардиянын старший лейтенанты А.РОГОВ.**

**Полевая почта, 06765 – а.**

**Кызыл Кыргызстан. 1943-ж. 11-июлу**

## № 24

## ИНФОРМАЦИЯ В ГАЗЕТЕ «СОВЕТСКАЯ КИРГИЗИЯ» О НАЧАЛЕ СТРОИТЕЛЬСТВА ПАМЯТНИКА ЧОЛПОНБАЮ ТУЛЕБЕРДИЕВУ В КОЛХОЗЕ им. ТЕЛЬМАНА КИРОВСКОГО РАЙОНА

**г. Фрунзе** **28 сентября 1943 г.**

